Мамек Акаев

# Эрте өчкөн жылдыздар

- Аңгемелер
- Ырлар

Жалал-Абад, 2018

Мамек Акаев

# Эрте өчкөн жылдыздар

Аңгемелер

Ырлар

Жалал-Абад, 2018

# *Мамек Акаев*

# *Эрте өчкөн жылдыздар*

# ЭРТЕ ӨЧКӨН КОШ ЖЫЛДЫЗ

*Аңгеме*

Кокон ханы Кудаярдын гареминин жетекчисинин бөлмөсүндө диванда бир аял эки эркек киши отурат. Бөлмө жакшы жасалгаланган. Кымбат баалуу столдор, кымбат жумшак отургучтар. Персия килемдери тартылган. Жерине индия килемдери төшөлгөн. Четте отурганы арык чыра, мурутчан сакалы жок. Узун жаак, кара тору – аты Шер. Бул киши гарем боюнча Кубаярдын ишеничтүү кишиси. Бийлигиненби айтоор сүрдүү көрүнөт. Экинчиси Шердин орун басары Муратбек. Ал эми отурган аял гаремдегилерге кетчү каражатты карап, түз жетекчилик кылат. Аты – Салия. Шер беркилерге бурулуп. Сузака караган уруулардан бир жылдан бери гаремге кыздар келбегенин өкүмдарга бирөө жеткирсе керек эмне үчүн кыздар келбей калганын сурап жатат деп аларга олуттуу карады. Жакында Салия барып кыздардын тандайт андан кийин алып келиш үчүн адамдар барышат. Бир айдын айланасында кыздар келип калат. Камтама болбоңуз бек деди Муратбек. Шер мурутун сылап, берки экөөнү көздөй карап, гаремде туура эмес иштер болуп жатканын билесиңер. Жакында гаремдеги кыздар менен жолугушуп жүргөн киши кармалган. Ал гаремге аялдын кийимин кийип кирип жүргөнү суракта белгилүү болду. Ал Ташкентке орустарга качып кетти. Аны да бирөө качырса керек. Изилдеп табабыз.

Шердин жүзү кубарып, кайра кызарып өзгөрүп турду. Кыздардын сулууларын гана тандагыла өзүм көрүп туруп, гаремге өткөрүп берем. Ыраңы серт болсо башыңар менен жооп бересиңер. Ал эми Муратбектин колу кылтырап, жаак эттери дирилдеп, өйдө карай албай турду. Гаремге кирип жүргөн адамга жардам берген ушул Муратбек болгон. Алтын адамды туура жолдон тайдырат деген ушул – деп Салия ойго батып отурду. Мындан ары гаремге кыздарды убагында алып келип тургула. Андай болсо ханга айтууга туура келет – деп, Шер чыгып кетти. Суунун боюндагы чарпаяда төрт адам отурду. Төртөө тең 60-70тин айланасында жашаган адамдар экен. бир кыска бойлуу сакалчан адам сүйлөп жатат. Жанаша чарпияда мен угуп

отурдум. Илгери мына бул Сузактын тоолорунда кийик, эликтер көп болчу экен. Кайсы жылдары экен - деп, суроо берди бирөө. Кокон хандыгы боло электен мурда болсо керек – деп, жооп берди. Анда элде мылык жок. Тайганды пайдаланышкан. Тайган кийиктен карыш ашык секирет. Жаагы узун, тиштери курч, мойну жоон болот. Кийике жетип толорсукту жара чайнайт. Үч буттап чуркап калганда экинчи толорсукту үзө тиштегенде кийик жатып калат. Ошондой бир мергенчиликте тайгандын бутун таш тилип кетет. Тайгандын бутун таңып коет. Эл ошондон кийин ошол уруунун элин ит тапандар деп тамашалап жүрүшүп, кийин – иттапандар аталып калышкан. Мен чоң атамдан уктум эле деди баягы сүйлөп жаткан адам. Ошол уккандарым азыркыга чейин эстен кете этек. Ошондогу иттапандар деген уруулардын кыштагы суунун бойлорунда экен. Күн батыш жагы адыр. Кышындасы да, жайындасы да мал жайыла берчү экен. Ошол айылда Машабай деген адам жашап, ал өтүп кетип аркасында бир кызы калат. Кыздын аты Аккыз болуптур. Аты айтып тургандай эле жүзү аппак, кашы капкара чийилген, кирпиги төгүлүп, көзү ак идиште турган. Карагаттай капкара кырдач мурдуна жарашып турат. Жашы 16га толуп суйсалып турган убагы экен. Кудай өңдү да, акылды да, жароокерликти да аябаптыр. Бирок бак бербептир. Узун өмүр бербептир.

Ошол эле айылда Ибрагим деген кишинин баласы Назир деген жалгыз баласы менен Аккыздын мамилеси жакшы болуп жүрүп кийин ысык сүйүүгө айланат. Жеңесине Аккыз сырын жашырбай айтчу. Мен эшикке чыккан сайын Назир кой кайтарып адырда болоор эле. Ырдаган ыры кадимкидей угулуп турчу. Барган сайын Назирди жакындан көргүм келип, сүйлөшүүгө ынтызар боло баштадым. Ал да мендей абалда боло баштаса керек. Биздин үйгө шылтоолоп келе баштады. Көпкө чейин бири бирибизге сөз айтып көп сүйлөшпөй суроо жооп менен эле жүрдүк. Бир күнү суу алып келе жатсам алдыман чыкты. Колун сунуп саламдашты. Жүзүн көзүмдүн кыйыгы менен карасам жүзү кыпкызыл болуп, колу кылтырагандай туюлду. Мен анын жүзүн тартынып жатып карадым. Кандайдыр денеме ток аралангандай Назир жактан бир жакшы көрүүнүн сезими пайда болгондой болуп турдум. Жыпар

жеңе деди бир күнү Назир алдыман чыгып Аккызды көрбөй калсам сагыныч пайда болот. Түндөсү уктабай чыгам. Ойлонгон оюм санаган санаам бир гана Аккыз. Ал менин жүрөгүмдү да, сезимимди да, оюмду бийлеп алды. Эй бала деди женем ургачыга анча эле сабыла бербе, жакшы көрсөң жакшы көрө бер. Суунун бойу калың камыш менен капталган. Жыл бою маал малы менен ушул калың камыштан арасында отуруп сыр чечишип, келечек ойлорубузду ортого салчубуз. Бактылуу болор бекенбиз деген тилектилеп, көпкө отурар элек. Ушундай ысык тилегибизге асманда жайнаган жылдыздар, бийик өскөн камыштар, суунун шоокуму кана күбө болушар эле.

Бүгүн дагы болжошкон жерге келип отурдум. Дарыянын шаркыраган добушу менин жүрөгүмө кандайдыр жагымдуулук берип, оюм чабыттабай тынч туруп калгандай. Ушул агып жаткан суу биздин ысык сүйүүбүзгө жол ачып, кол кармашып жашообузга жардам берчи деген кыялга чөгүп турдум. Аярлап басып менин жаныма Аккыздын жеңеси келди. Анын аркасынан Аккыз келе жатканын көрүп, жүрөгүм опкоолжуп түрсүлдөп качып, денем ымыр чымыр болуп тура калып учураштым. Кыз мен кеттим. Сак болгула. Калың камыштын арасында бизди ким көрөт эле жеңе – дедим узатып басып колдор артылышып, дене денеге тийгенде ысык махабат толкуну ороп, эч нерсе көзгө көрүнбөй калды. Суунун секин шарпылдаган добушу, камыштардын шуудураган дабышынан башка эч шоокум жок. Назир – деди Аккыз үнүн муңдуу чыгарып, мен ар кимден суук кабар угуп жатам. Кокондон геремге кыз тандаганы Сузака адамдар келет экен. Сулуу кыздардан алып кетет дешет. Сени да кошсо керек дешип жатышат. Ушундай суук кабар мени чыйрыктырат. Жүрөгүм кабынан ыргып чыккандай болот. Демим кысылып, башым тегеренет. Экөөбүздүн ысык сүйүүбүз, ак тилегибиз кандай болот – деп оюм онго кетет.

Эс учумду жоготкондой болуп, кыймылсыз отуруп калам. Мен да андай кепти уктум. Биздин ушундай оттой ысык сүйүүбүздөн, ак тилегибизден кудайым ажырата койбос. Менде мындай ой бар. Экөөбүз шаарга качышыбыз керек. Анжиянга кетип алсак кутулуп кетебиз. Шаарда кимди ким билди. Бири бири менен эч кимдин иши жок. Анжиянга кантип же-

тебиз кеп ошондо турбайбы – деп, Аккыз терең үшкүрдү. Мен атымды минип, сени учкаштырып суу бойлоп төмөндөп качабыз. Эки күн айланасында Анжиянга жетебиз. Түндөсү жол жүрүп, күндүзү камыш арасында, көздөн далдоо жерлерде болобуз. Экөө убадалашып эки күндөн кийин түндөсү ушул жерде болмой болушту. Баягы айтылган убада боюнча түндөсү жолугушат. Назир атын минип канжыгага төшөк бөктөрүн, куржунга азык салган. Назир аттан түшүп, Аккызды колунан кармап, атка мин деди. Аккыз буркурап ыйлап, ысык сүйүүбүз өчпөсө экен. Аруу тилегибизге жетебизби же колго түшүп, өмүрүбүз кыйылабы? Кудай бизге жол бер. Ата энебизден бата албай жолго чыгып жатабыз. Кечирим сурай турган мезгил келээр Тирүү болсок. Ыйлап туруп аттын маңдайынан сылап, айланайын жаныбарым бизди душмандарыбыздын колуна түшүрбөй куткарып кет. Ишенгенибиз кудайдын райымы жана сенин күчүң айланайын жаныбарым. Чал куйруктай канат бүтсүн сага. Жашын аарчып атка учкашты. Аккыз атка минээри менен катуу чаап жүрүп отурду. Акырында желдиреп аттын көкүрөгүн басты. Таң атты. Суу бойлоп камыш аралап кетип жатышты. Ошол күнү эрте менен эрте Аккыздын апасынын үйүнүн эшигине жабык араба келип токтоду. Аркасынан атчандар келишти. Арабадан бир аял чыгып Аккыздан апасынан кызыңыз кайда? деди. Мен кечээ батага кеттим эле келсем кызым үйдө жок экен издебеген жерим калбады. Жок болуп жатат. Жалган айтпа. Бизден жашырып койду. Үйүн тинткиле. Силер айылды карагыла. Айыл башкаруучусун чакыргыла деди арабада отургандардын бири. Көп узабай башкаруучу келди. Айыл башкаруучуга буйрук берди. Атчан жигиттерден жогору жакка да, суу ылдыйда куугунчу жибергиле тезирээк. Назирдин атасында, Аккыздын апасында камап коюшту. Назир менен Аккыз куугунчулардын кубалап келе жатканын билбей эле келе жатышкан эле. Бир маалда токто! токто! Деген кыйкырыктар жакындан чыкты. Назир эми эмне кылабыз деп, Аккыз Назирди бекем кучактап кысып, ыйлап жиберди. Аккыз сен тирүү кал. Мен сууга салып, аркы өйүзгө өтүүгө аракет кылайын. Ат экөөбүздү көтөрүп сүзө албайт. Сен камыштын арасына жашын кутулуп кетерсиң. Өлбөсөм издеп табам. Назир оюнда колго түшсө

да, гаремге барса да тирүү калат деген ишенич турду. Аккыз камышты аралап кетти. Назир атты сууга буруп жиберди. Ат сүзүп суунун ортосуна барганда айланпага кирип кетти. Ат оодарылганда Назир аттан ажырап калды. Бирок чылбыр менен белинен байлап алган экен. Назир аккан сайын ат кошо жетеленип келе берди. Бир канча жерге барганда аттын башынан жүгөн шыпырылып кетти. Назир агып барып көрүнбөй калды. Ат суудан сүзүп чыгып кетти. Атчандар суу бойлоп чабышып Назидин жансыз денесин өңөрүп келишти. Аккыз камыштын арасына киргенден кийин камышты аралап чуркады. Бирок жол арбыта албады. Камыш өтө калың эле. Бир саздак жерге келгенде жапайы камандардын (чочколодун) үйүрүнө туш болду. Камандар шатырап качып жөнөштү. Бирок жаагынын эки жагында карыштай кылычтай тиштери бар эркек каман качпай Аккызга кол салды. Качырып келип бир шилтөө менен кызды эки бөлүп салды. Өзү жайма жай үйүрдүн аркасынан кетти. Аккыз бир чыр этүү менен дымы чыкпай калды. Көзү ачык жатат. Коркуу, ысык сүйүү, келечеке болгон ак тилек апасы жөнүндө санаркоо, жарыкчылык турмуштагы, жашоонун кызыкчылыгын, Назиринин ак сүйүүсүнүн мээримин унуткандай кыймылсыз мелтирейт. Сенин өлүмгө учурооно жардам бере албадым дегендей шаркыраган суунун шоокуму аянычтуу чыгып жаткандай. Жырткычтан сактай албадык деп, кечирим сурагандай суу жактан соккон желге баштарын ийип камыштар шуулдайт. Камыштын арасындагы көлчүктү кызыл гүлгө айландырып, Аккыздын каны жылжып, көлчүкө агып түшүүдө. Назирдин жансыз денесин атасынын үйүнө алып келип беришти. Атасы баласын кучактап жыгылды. Адамдар сөөктү атасынан ажыратып, үйгө алып кирип, жайлап коюшту. Айланайын кулунум, айланайын жалгызым, мага айтпай кетипсиң. Мени кантип таштадың? Боздоп ыйлоодо эми менин кармаган буюмдарым, кайтарган малым, караган жерим кимде калат. Айланайын эл журт, куу баш атыгамбы? Жаш ээгинен ылдый куюлуп жатты. Ыйлабаган адам жок. Ал эми Аккыздын сөөгү алып барганда ал жерде да адамдын жүрөгүн эзген ый. Сөөккө жеткен сыздоо тумандай каптаган кайгы. Айланайын кызым деп, апасы боздоп ыйлап жатты. Өмүрүмдөгү таянган тоом, жөлөнгөн жөлөгүм элең, сыйын-

ган, сыймыктанган сыймыгым элең, кубанган кубанычым эми жок сулуулардын сулуусу, акылдуулардын акылдуусу эмес белең, сенден айрылып каламбы айланайын эл журт. Айыл аксакалдары макулдашып, экөөнү бирге коңлу. Экөө тең шеит болду дешти. Назирдин атасы да, Аккыздын апасы да бирге койгонго макыл болушту. Баягы чарпаядагы сүйлөп жаткан адам колун созуп адырды көрсөттү. Ошол көрүнгөн адырда түзөңчө бар ошол жерге коюлган экен. Ошол коюлган жерде чоң ак терек өсүп турган. Жакында эле куурап жок болду. Ак сүйүүнүн курмандыктарынын мүрдөсү тептегиз чөп өскөн тала. Жигиттин сууга агып өлгөндүгү, кызды каман челип өлгөндүгү, качан эле унутулган. Ал мезгилдеги адамдар да кайтыш болуп кеткен тарых ың жыңсыз өз барагын жаап койгон. Жайындасы эки жаштын жаткан жеринин үстүндөгү гүлдөгөн гүлдөр бажырайып, көздүн жоосун алат. Биз сүйүүнүн курмандыктарынын рухунан өнүп чыккан дегендей секин соккон желге ыргалып турушат. Тоо ылдый шамал жүргөндө шамал менен Аккыздын апасынын кошогу келгендей, угулгандай болот.

Калың камыш ичинен ботом,
Ажалдын огу тарс этти арман.
Каман челип кызымды ботом,
Акыретке жаш кетти арман.

Апасы бул кошокту өмүрү өткүчө айтып өткөн дешет. Түндөсү ошол тоодон кыздын ыйы угула берчү экен.

*Көк-Жаңак шаары, 15-июль 2018-жыл.*

## ОТ БОЮНДА АЙТЫЛГАН ҮЧ АҢГЕМЕ

Кыш ортолоп калган мезгил. Ак эшек капчыгайынан соккон кар учурган шамал биринчи эле биздин үйгө тиет. Шуулдаган шамалдын үнү үйдө отурган бизге угулуп турду. Терезенин тешигинен шырылдап борошо куюлуп, терезенин текчесине кар үйүлө баштады. Ширенди айнекке жетейин деп калды. Эртең ширенди курайт экенбиз да – деди энем чар-

чагандай үн менен. Эне кар жаай электе эле үнүңүз чарчаңкы чыгып калды. Айнекти карап туруп, бетин тырыштырып сустайып турду. Кудайым ушул жагын да бизге жеңилдеткен эмес экен. Эртең ширенди күрөп бүткөндөн кийин кайра эле кар жаайт. Кайра күрөшкө туура келет. Бизге мээнетти да. кайгыны да берген экен. Башкалардын үйүнө ширенди түшпөйт. Энем согуштагы балдарын ойлоп ыйлап ийбесин – деп эне карды өзүм эле күрөп коём, энемин кабагы ачылып, башын көтөрүп менин башыман сылап койду. Бороон басылбай тамдын камышын учуруп жатты. Кичине эле бош отуруп калса согуштагы бардарын айтып кейий берет. Алаксытайын деп эне Кызыл-Сууда жолборс болгонбу – дедим. Чоң атаң жолборс жөнүндө айтып берген. Угуп турсаң айтайын. Энеми кайгыдан алаксыттым деп, ичимен өзүмө өзүм ыраазы болуп калдым. Буудай орок жакындап калган мезгил экен. Ал кезде Калма-Кырчын өрөөнү боюнча бир гана Мамасеит деген темир уста болгон чоң атаң орок жасатып Кызыл-Сууга кеч келет – элдер Бакыдагы жайлоодо экен. Бакыга жетпей жол боюндагы түзөнчүдө жолборс бир нерсе жеп жатканда карп кууп чыга түштү көзү чырактай болуп жанып тикийип карап калды. Мен дагы коз ирмебей тиктеп турдум. Миңген атым чыңырып кишенеп тегеренип кетти. Жолборс жеген нерсесин таштап, шарт секирип сайга кирип кетти. Сууну кечип атканы билинип турду. Жеп жаткан нерсени барып карасам суур экен. Иттерге алып алдым. Үйгө келсем айылдагы кишилер айылдын четинде эр от жагышып отурушкан экен. Суурдун этин таштап салам айтып отургандар менен учураштым. Тигил таштаганың эмне дегенинен болгон окуяны айтып бердим. Атам (Атамбай) ордунан тура калып жолборстун жеп жаткан жемин албайт. Жыты менен келип чалып койсо эмне болот. Кудай сактаптыр. Ак сары баштуу улак алып келгиле. Улакты алып келип мууздары менен өпкөсүн алып чапты. Аяка суу куюп, башымдан тегеретип, түкүртүп төктү. Отургандардын баарысы мени жемелеп чыгышты. Эт бышкыча өткөн кеткенден сүйлөшүп отурушту. Төрдө Атамбай отурат. Узун бойлуу, кара сур, сакалы көп узун эмес, тыкан, көп сүйлөй бербеген бир сырдуу сыпаа адам. Жамынганы ышкын түпкө боңлгон тон. Башында козунун көрпөсүнөн жасалган тоголок тебетей.

Анын жанында алабаш уруусунан Алманбет чал отурат. Сакалы узун, өтө арык бирок сүйлөгөнү тың макалдатып сүйлөгөн, ичиндегисин жашырбай айткан киши. Кийингени кара чапан, башында калпак. Андан кийин кара күчүк Атамбайдын иниси отурат. Муруту узун. Сакалы эки бөлүнүп турат. Эки ийнине эки киши баткыдай чоң адам. Күркүрөп сүйлөйт. Адамды көп таназарына албайт. Андан кийин чекилдеп сүйлөгөн Бабак отурат. Бабактын жанында Атамбайдын эң кичүү иниси Бүргө орун алган. Ал кишинин бою кичине бирок толук адам. Кара жумуш кылуу жагынан эч кимди алдына чыгарбайт.

## Акылдуу карышкыр

Атамбай карышкыр жөнүндөгү аңгемесин айта баштады. Бир күнү капкандарымды алып алып кургак бакынын берки кырына чыгып зоонун этегиндеги кырга капкан коёюн деп, эс алып отурдум. Дүрбүнү көзүмө кармап тескейди карасам Бүркүт уя зоокасынын этегинде чоң аюу ийинди жыттагылап буту менен ийиндин чекесин шилеп жатат. Аюу ийинди кызуулап каза баштады. Таштар кулап, топурак буркулдап ыргып жатты. Бир карышкыр куйругун кыпчып алып аюу казып жаткан ийинди тегеренип чуркап жүрөт. Улам улам аюунун аркасынан жакын келип ийинди жыттагылап калат. Аюу үн чыгарып койсо кайра качат. Аюу карышкырдын бөлтүрүктөрүн алып жеш үчүн ийинди казып жатканын түшүндүм. Карышкыр бир отура калып, кайра ийинди айланып чуркап баласын аюудан кантип сактап калам дегендей чыдамы кетип айласы куруп тургандай абалда турганы көрүнүп турат. Ошол мезгилде аюунун денеси жарымына чейин ийинге кирип калды. Курсактын этегиндеги такыр жери көрүнүп турду. Карышкыр түйүлүп секирип барып тиштеп бир булканда аюунун ичегиси чыга түштү. Аюу кетепчиктеп бир айкыруу менен чалкасынан жыгылды да турбай калды. Карышкыр ийинге кирип эки бөлтүрүк тиштеп чыгып, өйдө карай кетип, көрүнбөй калды. Кайра келип аюунун ичеги карынын жей баштады. Жеп алсын деп кайра турбай отурдум. Жырткыч, адамдарга зыян кылган болсо да менин ага карата ичим жылып турду. Өзүнүн балдарын аюудан коргоп алып калды. Барып аюунун терисин сый-

рып алып кеттим. Мына бул тери ошол аюунун териси деди терини көрсөтүп. Отургандар ой тоба, балдарын коргоп, амал менен аюуну өлтүрүптүр дешти таң калып отурушту. Тескей жактан жылкы кишенеди. Бардыгы элейип ошол жакты карап калышты. Ал жакта жылкылар менен адамдар бар – деди нары жактан бир жигит. Тынч отуруп калышты менин айтайын дегеним ушул – деди. Атамбай тонун кымтыланып, сакалын сылап койду.

**Таранчы балапанын коргоду.**

Баласын карышкыр эмес чымчык да коргойт экен. Мен бир окуяны айтып берейин. Алманбет чал алысыраак жылып, аңгемесин баштады. Отко жакын отургандыктан бети кызарып тердеп калган экен. Бир күнү таруу аңыздын четинде таруууга суу коюп жаттым эле. Аңыздын четинде бир түп тал бар болчу. Ошол талдын бутагында бир топ таранчы конуп отурган. Бир маалда алар учуп түшүп таруууларга конушуп чокуп жей башташты. Жаңы учуруп жатканы билинип турат. Кээ бири нары бери жорголоп жатышты. Эми кыйкырып учурайын дегиче болбой нары жактан мышык келе жаткан экен. Эне таранчы нары бери чырылдап уча баштады. Бир менин үстүмөн айланып учат. Кайра балдарын айланып учат. Мышык келе жатат качкыла дегендей чырылдап балдарын тегеренип уча баштады. Ошондо көбү учуп кетип, бирөө таруу чукулап жүрдү. Мышык жакындап калды. Ошол убакта эне таранчы учуп барып канаты менен баласын уруп кетти эле ал уча качты. Энеси кошо учуп көрүнбөй калышты. Мына чымчыктын балага болгон камкордугу. Учканда да баласына өтө жакын учуп, энелик мээримин көрсөттү. Булар деле балапандарын багып өстүрүшүп, өздөрүнчө жем таап жегиче кошо жүрүп, анан өз алдынча жашоо уланта аларын билишет окшойт. Ошентип отурушканда катарда отурган Балбак ыйлай баштады зыркырап ыйласа жашы сакалы ылдый куюлуп жатты. Сага эмне болду айтып ыйласаң боло дешти отургандар. Ээй туугандар өткөн жылы өзүңөр билесиңер эки балалуу уулум улактан каза болгон. Ошондон бери зарлап ыйлап келем. Балдары ыйласа кошо ыйлайм, эзилем. Айланайындар, бала ата энесинен

мурда каза болбосун. Баласынын элеси, кайгысы сөөк менен кошо кеткидей. Көп кайгыра бербе дагы эле эки уулуң турат. Аллага тооба кыл. Эми ошолорго өмүр берип арты кайрылуу болсун. Туура деди Балбак сакалын колу менен сылап жашын аарчып. Бабактын чекесиндеги тырыштары таркап жүзү мурдагы калыбына келип, үшкүрүп отуруп калды.

## Жашоо – күрөш.

Бабактын кайгысын басайын дедиби же жөн эле убакыт өткөрүүгөбү Кара күчүк өзүнүн аңгемесин баштады. Ошол кезде жыйырма жартарда болсом керек. Ак талаанын Ак кыя деген жеринен бир күнчүлүк алыс жайлоосунда болчубуз. Ал жайлоодо саяк, кудайлат, чүйүт, байсогур уруулар отурушкан эле. Бир күнү саяктардын манабы элди үйүнө кой союп чакырды үй толо эл отурдук. Эт тартылып жегенден кийин аксакалдар бири бирин карап, эмне сөз болоор экен деп күтүп калышты. Төрдө отурган Баялы манап терин жоолугу менен аарчып допусун оңдоп кийип элге карап сүйлөй баштады. Ак саргыл өңү бир кызарып бир кубарып, жүзүндө секин титиреген кыймыл пайда болду. Өткөн жылы өзүңөр билесиңер калмактардын тыргоот деген уруусу биздин эки үйүр жылкыбызды алып кеткен. Эки жигитибиз жарадар болгон. Быйыл биз да барып ошол жылкыларыбызды ажыратып келели силер кандай дейсиңер? Туура дешти төрдө отургандардын баарысы. Ар бир уруудан экиден жигит жабдыгыла. Сегиз жигит жортуулга барат. Жол менен жүрбөгүлө. Калмак айылына жакындаганда түндөсү жүргүлө. Бир адам жашыруун чалгын чалсын. Жер өңүтүн. Атты тандап мингеле. Аттар такалуу болсун. Өзүңөр болгон куралыңарды ала жүргүлө. Ажал жетип күн бүтсө жоопкерсиликти эч ким албайт. Баардыгы маакул болушту. Ойлобогула Баялы олжонун көбүн алып алат деп. Андай болбойт. Олжону жан башына теңешелеп бөлөбүз. Кана эмесе көпчүлүк бата берели, бара тургандарга. Кырсыктан сырткары аман эсен олжолуу келишисин Кудай колдосун оомийин аллоху акбар. Отургандар жалпы бата беришти. Баялынын жанында отурган киши обдулуп жортуулга жолчу башчы болсун ал мындан мурда жортуулга барган эле. Мага

жортуул барып эле жылкы айдап келе тургандай сезилип жатты. Жүрөгүмдө сестенүү, коркуу сезими болбоду. Сизге киши жолго чыктык. Жолго салбай таш тада кетип жаттык. Бардыгынын маанайы ачыктай эле. Бир гана башчыбыз Жолчунун кабагы бүркөө. Ойлонуп өңү бир кызарып, бир бозоруп артта келет. Балдар деди бизге жете келип, мен мурда да жылкы тийгенге баргамын. Бул өлүм же жылкы болот балдар деди. Бирок ойлонуп бошошпогула. Ушундай жол берип аман эсен олжолуу кайталы. Чапчаң болгула. Ар кимиң бөлүштүргөн иштиан так аткаргыла. Шамдагайлык, тездик менен куугунчу жетип келсе курал колдонууну жакшы билгиле. Чаап келе жатканда алысты да карай жүргүлө. Карабай чоң ташка, же аңга такалып калбагыла. Төрт күн жүрдүк мага бир жигит кошкула калмактардын айылын, жылкысы кайда экенин билип келели. Ат менен түшкө чейин жүргөндөн кийин аттарды токойго таштап жөө кетишти. Себеби жылкы көрүнсө аттар кишенелеп, шегибиз билинип калат дешти. Ал экөө бир кырга дүрбү менен айлананы карай башташты.

Түштүк батыштагы тоолордон башталган дарыя түндүктү карай агат экен. Өрөөндүн күңгөй тарабы токою жок жалан. Тескейий токой тоонун боорлорун жыш карагай ак терек каптаган. Бийиктеген сайын токой суюлат. Андан ары арчалар өскөн. Тоонун чокуларын кар каптап турат. Эл сайдын боюнда экен. Дарыя ийрелеңдеп, жылбай тургандай көрүнөт. Эл дарыянын оң тарабындагы түзөңчөлөргө отурукташыптыр. Бул ойлонулган иш болсо керек. Себеби душман келсе токойго кире качса болот тургандай экен. Айылдын көп жеринде кулундар көрүнөт желелерде. Элдер пас, пас боз үйлөрдө, жолум үйдө, чатырларда жашашкандыгы көрүнүп турат. Ар бир чатырлардын, үйлөрдүн эшигинде мамыда аттар байланып турат. Ар кандай кол салууларга даяр тургандарын байкоого болот. Жылкылар күңгөй тарапта жайылып жүрүшөт. Күн бешим болуп калды. Капчыгайдан шамал согуп, кардын суугу келе баштады. Жолчу шеригин ээрчитип, кайра келди. Көргөн нерселерин айтып беришти. Жолчу шериктерине төмөндөгүдөй жагдайды айтып жатты. Таңга маал жылкыларды айдап жөнөйбүз жылкыларга күңгөйдүн наркы кыры менен келип тийебиз. Суу жагынан үчөөңөр, түндүк жагынан экөөңөр,

аркасынан үчөөбүз жөнөйбүз. Ошентип жылкыларды сүрүп айдай баштašты. Жайытта жүргөн жылкылардын баарысын айдоого болбой калды. Жайыттын этек жагындагысын гана айдап жөнөштү. Бир тайчабым жерге айдап барганда энесинен бөлүнүп калган тай, кулундар ызы чуу болуп кишенешип, бээлер кишенегенде эл туюп калды. Жылкынын сол жагынан тосуп түзөнгө түшүргүлө – деп, Жолчу кыйкытып жатты. Жылкылар түзөнгө түшүп күтүрөп кетип жатышты. Куугунчулар жакындай башталы. Куралыңарды алып коргонуу менен жылкынын аркасынан кете бергиле. Алар көп экен. Туруштук бере албайбыз. Ошол мезгилде Жолчунун аты жыгылып, аты бутун басып калды. Беш алты куугунчу тегеректеп калышты. Калгандары кубалай баштады. Жолчу мени карабай жылкыларды айдай бергиле – деп, кыйкырып жатты. Берик бир атма пистол менен куугунчуларды көздөй атып жиберди эле биРөөнүн аты жыгылып калды. Буларда курал бар экен дешти окшойт. Жолчу менен жыгылган адамын өңөрө качып кетишти. Пистондун огу бирөө эле болчу. Анын үстөнө ошончо көп адамдан Жолчуну ажыратуу кыйын эле. Жолчуну колго түшүрүп жиберип жылкыны дагы бир топ жерге айдап бардык. Зорогуп кетпесин деп жылкыларды имерип койдук. Аттан түшүп отурдук. Тээтиги дөбөгө чыгып келген жакты карап тур деп бир жигитибизди жибердик. Ал жигиттин кабагы бүркөлүп, ыйлаганы зорго калыптыр. Күңкүлдөп сүйлөп жатат колго түшсөк бардыгыбыз түшүшүбүз керек эле. Эми үй бүлүсүнүн, элдин бетин кантип карайбыз. Менин да ойлогон оюмда Жолчу. Бул жакка жөнөөрдө кабагын ачпай ойлонуп өңү башкача болуп калган. Жортуулда болгонум бул өлүм же жылкы деп айтканы эсимден кетпей турду. Колго түшөрүн билгендей болуп жүргөн окшойт. Калгандарынын деле кабагы ачылбай жер карашат. Берик болсо жылкыларды карап алып ызырынып, илебин катуу тиштеп муштумун түйүп алган. Жолчуну куугунчуларга берип, анын күнү ушул жылкыбы – деп көзүнөн жаш мөлт, мөлт куюлуп кетти. Бардыгыбыз оор кайгынын кучагында, тумандуу ойлордун суугунда турдук. Биз эмнеге келдик деп ойлойм. Намыс үчүн келдик. Бизден уурдап кеткен жылкыларды кайра алыш үчүн эгер ошол айылда отурган уруулардын бири жалпы чечимге каршы болсо ал урууну

башка жакка көчүрүп, ал айылга жолотушпайт. Башка айылга кошуп жашоо кыйын. Кошпойт биринчиден намыс болсо экинчиден мал менен оокат кылабыз. Жылкыларыбызды бирөөлөр тартып алса жылкы жаныбар үч жылда тууйт. Ага чейин түндөсү кайтарат. Күндүзү көзөмөлдөйт. Кыргызда мал боор эт менен барабар деп коет. Жылкы өстүрүү түйшүктүү. Жайы кышы кайтарууда болот. Жылкыларды айылга айдап келдик жүз айланасындагы жылкы келди. Айылдын баскан балдарынан өбөктөгөн кемпир чалдарынан бери чыгып жардан карап калышты. Биз болсо четте шылкыйып жер карап турабыз. Эл эмне дейт, Жолчунун ата энеси кандай акыбалда болоор экен – деп жүрөгүбүз опкоолжуп турат. Баргандарбан бирөө жок деди Жолчунун атасы көзүн колу менен калкалап, Жолчу барбы? Эч ким жооп бере албады. Жолчунун эки агасы, атасы жортуунчулардын алдына келишти Жолчу кана? Эмне болду ага? Деди улуу агасы.

- Жолчу колго түшүп кетти. Куткара албай калдык. Алар көп биз аз болуп ажырата албадык. Жолчунун аты жыгылып бутун басып калып, чыгаргыча алар жетип келип өңөрө качышты. Жолчунун атасы боздой ыйлай баштады. Жашы сакалы ылдый куюулуп, беттери тырышып куп куу болуп турду. Жолчунун агалары үн чыгарбай ыйлап турушту. Көпчүлүк эл үн чыгарбай дымып, кээси шолоктоп ыйлап турду. Сырбай чал коштоп Жолчунун атасы суранды, агаларын үйлөрүнө алып кетишти. Жолчум эмне болуптур деп апасы чалын кучактап алып боздоп ыйлады. /йгө киргендер кайтар айтышып, келип калаар тирүү экен. Колго түшүптүр дешип сооротуп жатышты. Бардыгынын кабагы бүркөө. Кайгынын кучагында тургандыктары көрүнүп турат. Баялы бай төрдө отуруп элге кайрылды. Келген жылкыларга эн салгыла. Жан башына карай так бөлгүлө. Топ кылбай бириндетип бөлүп аралаштырып капчыгайдын төрүндөгү токойго киргизгиле. Наркы бетинен ат өтө албайт. Бери жагын кайтаргыла. Ошентип эл таркады. Жашоо уланып жатты.

## Туткундагы жашоо

Колго түшүп кеткен Жолчунун өзүнүн айткандарын өз кулагым менен уккандарымды айтайын. Колу бутумду байлап өңөрүп жүрүп отурушуп Калмактардын айылына келдик. Эл чогулуп жардап карап турушат. Башкача сөз, башкача жүздөр өңөргөн жигит башчысына сүйлөп сурады окшойт. Мени аттан таштап жиберди. Калмактарга колго түшүп калмак динине өткөн казактар бар окшойт. Багың бар экен. Эми кул болуп жүрө бересиң – деди кишен салып жаткан киши мени ортого отургузуп койду. Бир калмак чал келип жоо кыргыз колго түштүңбү деп, камчы менен башка көзгө карабай чапкылап жиберди. Бетимден кан шорголоп агып кетти. Жүрөгүм муздап, денем өлүп, ар кандай жаза болсо да мага колдонушарын күтүп отурдум. Буруттар бизге кандай гана каршылыкты, талоончулукту көрсөтпөдүңөр. Биз аларды унутпайбыз – деп баягы чал ызырынып турду. Илгери булар деле биздин малыбызды талап, элибизди чаап кетип турбады беле деген ой кетип жатты. Айтууга болбойт. Өлтүрүп койбосун деп унчукпай отурдум. Бетимден кан агып жатат. Башымды жогору көтөрдүм. жанымда жардаган эл. Жүздөрү башкача эл. Сакалдары суюк. кыска жүздөрү катиңки. Кээси ызырынып ачуулу. Кээси таңкалып карап турушат. Бул колго түшкөн «жоо кыргыз» бүткүл айылга кызмат кылат. Бул колго түшкөн адам жалпы тыргоот калмактарынын кулу болот дешти тургандар. Серен сенин көзөмөлүңдө болот. Мунун тилин түшүнөсүң. Казакча да, кыргызча сүйлөгөн адам чечимди которуп жатты. Узун бойлуу, териден тоголок тебетей кийген, сакалдуу бүкүрөйңкү далылуу, бети тырыштуу адамды көрсөттү Жолчуга карап ушул адамга баш ийип иш аткарасың деди. Мени бир эски чатырчага айдап кирди. Чатырда бутуна узун кишен салынган арык адам отуруптур. Мына бул адам сени менен кошо жашайт деди мени көрсөтүп. экөөңөр иштейсиңер сен да кул, бул да кул – деп коюп чыгып кетти. – оо шорду тирүүлөй тозоко түшүпсүң

- Кантип колго түштүң?

- Жылкы алабыз деп келип колго түшүп калдым. Кудайга шүгүр деги өлбөй калыпсың. Мен дагы сендей болуп колго

түшкөмүн азырынча эрксиз кулмун. Өлбөсөк эртеби кечпи кутулуп кетербиз. Ден соолугубузду сактайлы – деди казакча сүйлөп. Бул айылда калмактын төрт уруу эли жашайт. Эгин эгишпейт. Чөп чабышпайт тиричиликтери мал менен. Жайын-дасы кымыз, айран, сүт, быштак, сүзмө, арпадан жарма ичи-шет. Эгинди кытай тараптан мал сатып алып келишет. Баягы узун сакалдуу адам мага бир эски төшөк жана жамынчы алып келип таштады. Эртеси таңга маал бирөө заар үнү менен уй саагыла деп кыйкырып кетти. Таң калба деди шеригим иши-биз уй сааш менен башталат. Айла жок. Челек алып уй саай баштадым. Уйлардын кээ бирлери саадырбай тепкилеп жат-ты. Чатырда жамаң жоолук бар ошону салынып ал – деди ше-ригим. Жоолукту башыма ородум. Бүгүн көргөнүң эртең жок. Ушундай экен дүйнө шок – деп элде айтылган сөздүн маани-син түшүнүп турдум. Ичим уйгу туйгу. Жүрөгүм сыздап. де-нем муздайт. Он уй саап жыгач кесеге куйдук эми кийинки айылдын уюн саайбыз. Ошентип күн ысый электе уйларды саап бүтүп, токойго айдап койдук. Арпа жармадан ичин, саан эшектерди чогултуп келип үч желеге бөлүштүрүп байладык. Кечке төрт жолудан саайбыз. /ч үйдүн чаначтарына куябыз чанач торпоктун жана эчкинин терисинен жасалат экен. Ыш-талбайт эшектин сүтүн жана уйдун сүтүнөн кошуп бышып кымыз жасашат. Жылкынын желелери башка. Аларды бөлөк-төр саайт. Эшектер кайра саан болгуча сокуга арпа түктөй-бүз. Таруу актайбыз. Жаргылчака арпадан талкан тартабыз. Кечке тыным албайбыз. Кечки мал жайлангандан кийин үй-лөргө отун даярдайбыз. Акырында кишенебиздин жынжырын сүйрөп алып, чатырдын эшигине келип отурабыз. Айлана тоо менен курчалган. Суу түндүктү көздөй агат. Чыгыш жагы то-койлуу. Тилик – тилик капчыгайлардан турат. Ар бир капчы-гайдан суу агып чыгат. Тоонун ортоңку бөлүгүнөн тартылып чокусуна чейин арча өскөн. Капчыгайдан зыркырап шамал согуп турат экен. Дарыянын агымы менен шамал түндүктү көздөй жүрөт окшойт. Күнгөй тарабы көп тике эмес күнөс-түү, малга жайлуу. Суулурында балык көп экен. Ал балыка көп кызыгышпайт. Жешпейт. Карагай арчалуу токойлору, ба-лык ойногон тунук суулары, асман тиреген тоолору деле мага жапайыдай жагымсыз учурайт. Жүрүп турган салкын жели

суук шамалдай сезилет. Токою болбосо деле туулган жерим күнү түнү эсимден кетпейт. Ойлогон оюм онго бөлүнөт. Саналган санаам санга бөлүнүп жүрөгүм эзилет. Ата энем, бир туугандарым айылдагы элим эсиме келгенде отура калып, үй чыгарбай өксүп, өксүп ыйлап алам. Туулган жеримдин топурагы алтын деген чын турбайбы деген ой дайыма эсиме келе берет. Ушинтип кайгылуу, кемсинткен оор турмуш өтө берди. Бул жерге кыштын белгиси келип, азыраак кар жаады. Эл кышка даярдык көрүп жатты. Көп үйлөрдү териден жабуу жатышты. Малдар жайы-кышы жайытта болот. Кар тоңбойт. Чөптү кардын астынан чукуп, жей беришет – деп, шеригим дайыма айта берет. Көп сүйлөбүйт. Чекеси дайыма тырышып, кабагы бүркөө. Бул киши канча убактан бери күлбөй жүрөт экен – деп ойлоном. Мен деле кабагым ачлып күлгөндү унуттум. Бүгүн деле күндүзү тынбай иштегендиктен тез эле жармабызды ичип, уктап калдык. Кар жаап, кыш түштү. Бир күнү элдер дүрбөп, кыймыл көбөйдү. Шеригимден сурасам той болуп жатпайбы – деди. Эртең кызды алып кетет. Канча калың бергенин билбейм.

- Алыска алып кетеби?
- Билбейм.

Биринчи түнү ламаныкында болуп нике кыят. Андан кийин үйүнө алып кетет. Бул элдер дайыма малдын майы менен этгерин майлап жүрүшөт. Суук өткөрбөй жүрөт. Жуунушпайт. Кийимдери териден болот. Жылуу. Балдары жуунбай жүргөндүктөн баштары жара болуп чач чыкпай таз болуп калгандары көп. Күнү боюу тынбайбыз. Бир айылдын карын күрөйбүз. экинчи айылга отун даярдайбыз. Кишен бутту жоорутат. Кечиндеси чатыр сууук. Таң аткыча үшүп чыгабыз. От жагып алсак чатырдын жыртыктарынан шамал кирип аркабыз үшүйт. Бир түнү уктай албай үшүп жатып мындай ойго келдим. Оттун (алдын) табы алдыман өткүдөй кылып түтүн чыкыдай кылып жерди казып эшике чыгарайын деп – ойлондум. Дарыянын жээги кат-кат таштар менен капталган экен. Очоктон нары энсиз арык кылып казып (иш) эшике чыгардым да таштан тизип моруча кылып койдум. Чатырдын ичине кат таш тизип үстүнө териден жаптым. Алдыбыз жылуу болуп калды. Кыш ортолоп

калганда буттарыбыздагы кишенди алды. Биринчиден токойдон отун даярдашыбыз керек экинчиден карда кайда качат эле – деп ойлошкондур. Шеригимдин аты Сарсенбай. Мурду кырдач, бою узун. Колдору москоол. Өзү жер карап, аз сүйлөйт ишти шамдагай, тез аткарат. Мына жаз келет. Качууну ойлоно жүрүбүз керек – деп менин көңүлүмдү көтөрүп койду. Жакшы шооланын учкуну көзүмө чагыла түштү. Оор жүк кыйла жеңилдей түшкөндөй болду.

- Кайсы уруудан болосуң?
- Чүйүт деген уруудан болом.
- Байсогур деген уруу барбы?
- Бар – деди.

Ушул айлдын малын, кыргыздарды бойсогур уруусу баштап келип, малдарын талап кетишкен экен. Калмактардын баатыры куту азыраак жигиттери менен кытайга жортуулга кеткен болот. Алар кайра келгенде аялы ыйлап тосуп алат.

Баатыр качан келет – деп
Жол карап көздү талдырдык
Кырдуу тоону айланып,
Кытайга сапар кеткенде
Кызыл камчы Байсогур,
Кыйратып кетти билдиңби?

Какшаал тоону айланып,
Кашкарга кеткен кезиңде
Кара камчы Байсогур,
Какшатып кетти билдиңби?

Эртең ошол күйөсүн ыйлап тосуп алган аялдын үйүнө отун даярдайбыз. Эртеси ошол аялды көрдүм. Шеригим мени түрткүлөп, колу менен көрсөттү. Жетимиш жаштын айланасындагы аял экен. башына элечек сыяктуу такыя кийген. Такыяга күмүштөн чоң тегерек топчуларды жалтыратып кадааган. Желкесин жапкан шырылган жапкычында да күмүш тегерек топчулары да күнгө чагылышып жалтылдап көрүнөт. Көйнөгү кашкардын көк түстүү атласы. Өңү кара сур, кырдач, көзү кара, кыйынчылык көргөндөй эмес. Бул жердик аялдарга ок-

суук шамалдай сезилет. Токою болбосо деле туулган жерим күнү түнү эсимден кетпейт. Ойлогон оюм онго бөлүнөт. Саналган санаам санга бөлүнүп жүрөгүм эзилет. Ата энем, бир туугандарым айылдагы элим эсиме келгенде отура калып, үй чыгарбай өксүп, өксүп ыйлап алам. Туулган жеримдин топурагы алтын деген чын турбайбы деген ой дайыма эсиме келе берет. Ушинтип кайгылуу, кемсинткен оор турмуш өтө берди. Бул жерге кыштын белгиси келип, азыраак кар жаады. Эл кышка даярдык көрүп жатты. Көп үйлөрдү териден жабуу жатышты. Малдар жайы-кышы жайытта болот. Кар тоңбойт. Чөптү кардын астынан чукуп, жей беришет – деп, шеригим дайыма айта берет. Көп сүйлөбүйт. Чекеси дайыма тырышып, кабагы бүркөө. Бул киши канча убактан бери күлбөй жүрөт экен – деп ойлоном. Мен деле кабагым ачлып күлгөндү унуттум. Бүгүн деле күндүзү тынбай иштегендиктен тез эле жармабызды ичип, уктап калдык. Кар жаап, кыш түштү. Бир күнү элдер дүрбөп, кыймыл көбөйдү. Шеригимден сурасам той болуп жатпайбы – деди. Эртең кызды алып кетет. Канча калың бергенин билбейм.

- Алыска алып кетеби?

- Билбейм.

Биринчи түнү ламаныкында болуп нике кыят. Андан кийин үйүнө алып кетет. Бул элдер дайыма малдын майы менен эттерин майлап жүрүшөт. Суук өткөрбөй жүрөт. Жуунушпайт. Кийимдери териден болот. Жылуу. Балдары жуунбай жүргөндүктөн баштары жара болуп чач чыкпай таз болуп калгандары көп. Күнү боюу тынбайбыз. Бир айылдын карын күрөйбүз. экинчи айылга отун даярдайбыз. Кишен бутту жоорутат. Кечиндеси чатыр сууук. Таң аткыча үшүп чыгабыз. От жагып алсак чатырдын жыртыктарынан шамал кирип аркабыз үшүйт. Бир түнү уктай албай үшүп жатып мындай ойго келдим. Оттун (алдын) табы алдыман өткүдөй кылып түтүн чыкыдай кылып жерди казып эшике чыгарайын деп – ойлондум. Дарыянын жээги кат-кат таштар менен капталган экен. Очоктон нары энсиз арык кылып казып (иш) эшике чыгардым да таштан тизип моруча кылып койдум. Чатырдын ичине кат таш тизип үстүнө териден жаптым. Алдыбыз жылуу болуп калды. Кыш ортолоп

калганда буттарыбыздагы кишенди алды. Биринчиден токойдон отун даярдашыбыз керек экинчиден карда кайда качат эле – деп ойлошкондур. Шеригимдин аты Сарсенбай. Мурду кырдач, бою узун. Колдору москоол. Өзү жер карап, аз сүйлөйт ишти шамдагай, тез аткарат. Мына жаз келет. Качууну ойлоно жүрүбүз керек – деп менин көңүлүмдү көтөрүп койду. Жакшы шооланын учкуну көзүмө чагыла түштү. Оор жүк кыйла жеңилдей түшкөндөй болду.

- Кайсы уруудан болосуң?
- Чүйүт деген уруудан болом.
- Байсогур деген уруу барбы?
- Бар – деди.

Ушул айлдын малын, кыргыздарды бойсогур уруусу баштап келип, малдарын талап кетишкен экен. Калмактардын баатыры куту азыраак жигиттери менен кытайга жортуулга кеткен болот. Алар кайра келгенде аялы ыйлап тосуп алат.

Баатыр качан келет – деп
Жол карап көздү талдырдык
Кырдуу тоону айланып,
Кытайга сапар кеткенде
Кызыл камчы Байсогур,
Кыйратып кетти билдиңби?

Какшаал тоону айланып,
Кашкарга кеткен кезиңде
Кара камчы Байсогур,
Какшатып кетти билдиңби?

Эртең ошол күйөсүн ыйлап тосуп алган аялдын үйүнө отун даярдайбыз. Эртеси ошол аялды көрдүм. Шеригим мени түрткүлөп, колу менен көрсөттү. Жетимиш жаштын айланасындагы аял экен. башына элечек сыяктуу такыя кийген. Такыяга күмүштөн чоң тегерек топчуларды жалтыратып кадааган. Желкесин жапкан шырылган жапкычында да күмүш тегерек топчулары да күнгө чагылышып жалтылдап көрүнөт. Көйнөгү кашкардын көк түстүү атласы. Өңү кара сур, кырдач, көзү кара, кыйынчылык көргөндөй эмес. Бул жердик аялдарга ок-

шобойт. Башка элден колго түшүп келген окшойт – деп ойлоп калдым. Биз жакты карап да койбоду. Күйөсү Куту баатыр өтүп кеткенине көп жыл болуптур. Өлбөгөн кулга жаз болду дегендей жаз да болду. Карлар ээрип, токой ичи келген куштарга толду. Дарыянын суусу көбөйдү. Буттарыбыздагы мурдагы кишендерди кайра салды. Суу ылдый өрдөк, каздар күндө учуп өтүшөт. Жүрөгүм эзилип, ичим ачышып, элим, жерим деген сезимим кайра от болуп күйүп денем ысып, ошол каз, өрдөктөр биздин жердин үстүнөн өткөндүр деп көзүм талыгыча, көрүнбөй калгыча карайм. Көрүнбөй калганда да кеткен жагын карап тура берем. Уй саап желедеги эшектерди саап, кымыз кылмай башталды. Жайдын баштарында биздин уруунун аксакалдарынын үйүнө алып барды. /й толо адамдар бизди колго түшкөн карышкырды карагандай жүздөрүнөн заар чачып карап калышты. Отургула деге киши болбоду. Туруп турдук. Аксакалы сүйлөй баштады. Биздин айылда үч күнчүлүк жолдо калмактардын бир уруусунун айылы бар. Ошол айылдан жылкы тийип келесиңер. Силер менен мына бул эки кул кошо барат. Он беш киши барасыңар. Жылкыны сүрө айдап зоруктурбагыла. Азык алгыла. Ар бириңерде найза, таяк, чокмор болсун. Кулдар чыга берсин. Кулдар чыккандан кийин булардан сак болгула качпасын. Кашаң ат мингизгиле. Жөө чалгынга жибергиле. Эртең жөнөй бергиле. Айткан сандагы адамдар жортуулга жылкы алууга жөнөдүк. /ч күн тынбай жол жүрүп бир күнү бийик тоонун чокусуна бардык. түндөсү бутубузга кишен салып коңт. Алыстан боз мунарык жапыз тоолордун этегинде катар тизилген боз үйлөр, чатырлар түз талаага чейин созулуп жатат. Тим эле асмандагы булуттар үзүлүп, үлүзүп жерге түшкөндөй. Башчы карап жылкы көрүнбөйт эки кулду алып, төртөөңөр жылкы кайсыл жакта экенин билип келгиле. Алар жөө кетишти эки кул качпасын дешти беркилер. Алар жөө кайда бармак эле токой жок. Айыл болсо калмактардыкы. Бизден качып аларга барышпайт. Айылдын үстүндөгү белеске барышты. Жылкылар айылдын түштүгүндөгү талааларда жайылып жүрүшөт. Дүрбүнү алып карасам айыл кыргыздардын айылына окшоп кетти. Кайталап карадым. Чын эле кыргыздардыкы экен. /зүктүн этеги кыргыздардын кыюсу. Кызыл кийген келин кыздар, ак калпакчан жигиттер

көрүнөт. Жүрөгүм дүкүлдөп согуп башыма кан тээп чыкты. Колдорум кылтырап жатты. Дүрбүнү калмак шеригиме бердим. Ал карап жылкы талаада турбайбы. Эми кечке күтөбүз. Кайсыл жакка жайытка айдайт экен. Жер тегиз экен. Оңой эле алабыз. Отурушуп эт жей баштаашты. Бизге да эт беришти. Эс алабыз. Силер ортого жаткыла. Тез эле уктап кетишти. Шеригимдин кулагына айыл кыргыздардыкы экен качабыз дедим. Өңү кубарып, беттери диртелдеп чыкты. Тиги экөөнү карап койду. Алар кызык уйкуга киришти. Мен секин туруп. Шеригимди бас – деп жаңсадым. Шып алдырбай алыстадык. Анан катуу суркап отуруп бир канча убактан кийин айылга жеттик. Бизди көздөй сүйлөп келе жатышат. Кыргыз сөзү кулагыма өзгөчө бир ысык, жагымдуу угулуп жүрөгүм элжиреп жатты. Эл бизди тегеректеп калышты. Биз жөнүбүздү айтык. Бирок ишенбегендер болду. Атчан жигиттерди кошкула биз менен барсын. Биз аларды таап беребиз. Биз келсек алар уктап жатышыптыр. Жигиттер кармап келишти. Баардык болгон нерселерди бизден да алардан да угушуп, ишенип калышты. Булар көчүп келгенде камактар мурда эле жер которуп кетишкен экен. Чалгынга кеткендерди күтүп жаткан калмактарды кыргыздар түшкүлүк жерге кубалап барып коюшту. Элдин ичиндеги сакалы көкүрөгүнө түшкөн узун бойлуу, толук адам бизге жакын басып келди. Өзү адамга жагымдуу, сөзү жылуу адам экен.

- Сен кыргызсыңбы?
- Ооба – кыргызмын
- Атың ким?
- Жолчу
- Тиги жигит казакбы?
- Ооба ал да казак – кул.

Алтын деди аркасын карап аяка суу алып келчи анан булардын башынан айландыр. Башыбыздан суу тегеретип чачкандан кийин. Буларды бир үйгө алып кирип жуундургула, курсактарын тойгузгула. Эртеси эл чогулган жерге экөөбүздү алып барышты. Эл бизди таң калып карап жатышты. Аялдар шыпшынышып карап турушту. Ай бечералар колго түшүп, кул болуп куурап жүрүшкөн турбайбы. Булардын ата энелери кайгы кучагында зарыгып күтүп жүрүшкөндүр. Кечеки ымаңы ысык чал мага суроо берди.

шобойт. Башка элден колго түшүп келген окшойт – деп ойлоп калдым. Биз жакты карап да койбоду. Күйөсү Куту баатыр өтүп кеткенине коп жыл болуптур. Өлбөгөн кулга жаз болду дегендей жаз да болду. Карлар ээрип, токой ичи келген куштарга толду. Дарыянын суусу көбөйдү. Буттарыбыздагы мурдагы кишендерди кайра салды. Суу ылдый өрдөк, каздар күндө учуп өтүшөт. Жүрөгүм эзилип, ичим ачышып, элим, жерим деген сезимим кайра от болуп күйүп денем ысып, ошол каз, өрдөктөр биздин жердин үстүнөн өткөндүр деп көзүм талыгыча, көрүнбөй калгыча карайм. Көрүнбөй калганда да кеткен жагын карап тура берем. Уй саап желедеги эшектерди саап, кымыз кылмай башталды. Жайдын баштарында биздин уруунун аксакалдарынын үйүнө алып барды. /й толо адамдар бизди колго түшкөн карышкырды карагандай жүздөрүнөн заар чачып карап калышты. Отургула деге киши болбоду. Туруп турдук. Аксакалы сүйлөй баштады. Биздин айылда үч күнчүлүк жолдо калмактардын бир уруусунун айылы бар. Ошол айылдан жылкы тийип келесиңер. Силер менен мына бул эки кул кошо барат. Он беш киши барасыңар. Жылкыны сүрө айдап зоруктурбагыла. Азык алгыла. Ар бириңерде найза, таяк, чокмор болсун. Кулдар чыга берсин. Кулдар чыккандан кийин булардан сак болгула качпасын. Кашаң ат мингизгиле. Жөө чалгынга жибергиле. Эртең жөнөй бергиле. Айткан сандагы адамдар жортуулга жылкы алууга жөнөдүк. /ч күн тынбай жол жүрүп бир күнү бийик тоонун чокусуна бардык. түндөсү бутубузга кишен салып коңт. Алыстан боз мунарык жапыз тоолордун этегинде катар тизилген боз үйлөр, чатырлар түз талаага чейин созулуп жатат. Тим эле асмандагы булуттар үзүлүп, үлүзүп жерге түшкөндөй. Башчы карап жылкы көрүнбөйт эки кулду алып, төртөөңөр жылкы кайсыл жакта экенин билип келгиле. Алар жөө кетишти эки кул качпасын дешти беркилер. Алар жөө кайда бармак эле токой жок. Айыл болсо калмактардыкы. Бизден качып аларга барышпайт. Айылдын үстүндөгү белеске барышты. Жылкылар айылдын түштүгүндөгү талааларда жайылып жүрүшөт. Дүрбүнү алып карасам айыл кыргыздардын айылына окшоп кетти. Кайталап карадым. Чын эле кыргыздардыкы экен. /зүктүн этеги кыргыздардын кыюсу. Кызыл кийген келин кыздар, ак калпакчан жигиттер

көрүнөт. Жүрөгүм дүкүлдөп согуп башыма кан тээп чыкты. Колдорум кылтырап жатты. Дүрбүнү калмак шеригиме бердим. Ал карап жылкы талаада турбайбы. Эми кечке күтөбүз. Кайсыл жакка жайытка айдайт экен. Жер тегиз экен. Оңой эле алабыз. Отурушуп эт жей башташты. Бизге да эт беришти. Эс алабыз. Силер ортого жаткыла. Тез эле уктап кетишти. Шеригимдин кулагына айыл кыргыздардыкы экен качабыз дедим. Өңү кубарып, беттери диртелдеп чыкты. Тиги экөөнү карап койду. Алар кызык уйкуга кириштн. Мен секин туруп. Шеригимди бас – деп жаңсадым. Шып алдырбай алыстадык. Анан катуу суркап отуруп бир канча убактан кийин айылга жеттик. Бизди көздөй сүйлөп келе жатышат. Кыргыз сөзү кулагыма өзгөчө бир ысык, жагымдуу угулуп жүрөгүм элжиреп жатты. Эл бизди тегеректеп калышты. Биз жөнүбүздү айтык. Бирок ишенбегендер болду. Атчан жигиттерди кошкула биз менен барсын. Биз аларды таап беребиз. Биз келсек алар уктап жатышыптыр. Жигиттер кармап келишти. Баардык болгон нерселерди бизден да алардан да угушуп, ишенип калышты. Булар көчүп келгенде камактар мурда эле жер которуп кетишкен экен. Чалгынга кеткендерди күтүп жаткан калмактарды кыргыздар түшкүлүк жерге кубалап барып коюшту. Элдин ичиндеги сакалы көкүрөгүнө түшкөн узун бойлуу, толук адам бизге жакын басып келди. Өзү адамга жагымдуу, сөзү жылуу адам экен.

- Сен кыргызсыңбы?
- Ооба – кыргызмын
- Атың ким?
- Жолчу
- Тиги жигит казакбы?
- Ооба ал да казак – кул.

Алтын деди аркасын карап аяка суу алып келчи анан булардын башынан айландыр. Башыбыздан суу тегеретип чачкандан кийин. Буларды бир үйгө алып кирип жуундургула, курсактарын тойгузгула. Эртеси эл чогулган жерге экөөбүздү алып барышты. Эл бизди таң калып карап жатышты. Аялдар шыпшынышып карап турушту. Ай бечералар колго түшүп, кул болуп куурап жүрүшкөн турбайбы. Булардын ата энелери кайгы кучагында зарыгып күтүп жүрүшкөндүр. Кечеки ымаиы ысык чал мага суроо берди.

-Кайсы уруудан болосуң?

-Басызмын чүйүт болом.

Биз болсо чоң багыш уруусунанбыз. Сол болот экенбиз. Тууган экенбиз. Эми ушул жерде, ушул элде жашай бер. Өзүңдүн элиңдей кор. Үйлөйбүз, балалуу чакалуу болосуң. Чоң багыш ичиндеги чүйүт болосуң. Мен унчукпай уктум. Бүт денем ысып күйүп, ошол кишиден аталык сезим келгендей сезип турдум. Кыргыздын мейман достугун айкөлдүгүн, касиетүүлүгүн анык сездим. Кыргыз болуп туулганыма кубандым.

Баягы чал биздин үйдө жашай бер. Биз менен оокат ичесиң. Жатканда тигил малчы балдар менен жатасың. Мен макул болуп ал кишинин айтканындай болуп жашап жүрдүм. Ал мени үйүмдө жашай бер деген кишинин аты Ашыр экен. Чоң багыш уруусунун чоң байы экендиги билинди. Ошентип күндөн күн өтүп, ошол жерге келгениме эки ай өттү. Мезгил күзгө таяп калды. Күн суук тартып Какшаал тараптан түнкүсү ызгаар шамал сого баштады. Эрте менен айлананы кыроо каптады. Бир күнү кечинде оокат ичип бүткөндө жер карап туруп аба элиме кетейин. Ашыр абам кыйлага унчукпай калды. Башымды көтөрсөм кабагын түйүп, ичинен бир нерсеге нааразы болгондой мени карап туруптур. Бул бала кетем дейт байбиче эмне дейсиң деди. /йүрүн сагынбас ат болбойт. Элин сагынбас эр болбойт – деген илгертен. /йүндө жашын тыйбай энеси, кайгысы басылбай атасы күтүп жаткандыр. Барсын. Мингенине ат ичкенине азык бергиле. Эми жамандык көрбө аман эсен жетип ал – деп, бата берди. Эртең эмес бүрсүгүнү кетесиң. Ага чейин камынасың. Кетеер күнү таңга маал ойгондум. Туруп алып минип кетесиң деген атты токуп, карап турдум. Эл чогулду элиңе аман эсен жетип ал – деп бата беришти. 5 же 6 күндө үйүнө детесиң жол менен жүрбө. Тоо аралап жүр. Башка элге колго түшсөң кул болосуң дешти. Ошентип бир жигиттин коштоосу менен жолго чыктым. Ал жигит бир күндөн кийин кайра кетти.

## Эңсеген элимди таптым.

Алты күнү-түнү жүрүп элдин четине келдим. Айылыбыз кыштоо конушуна кете элек экен. Менин айылга келгенимди байкабай калышты. Мен түз үйгө чаап жетип, аттан ыргып түшүп, үйгө кирип бардым. Үйгө кирсем атам төрдө жаткан экен. Апам болсо ашканада туруптур. Атам Жолчу – деп бакырып келип кучактап өпкүлөп жатты. Көзүнүн жашы сакалынан ылдый куюлуп, менин бетимди жууп турду. Атамдын мээримдик жытын искеп, элжиреп турдум. Балам – деди апам, жалынып жалбырап, аман эсен барсыңбы? Бармын ата, апа бармын. Аңгыча үй адамга толуп кетти. Ал дайыма мени кара күчүк дебей кичине күчүгүм дечү. Мени кучактап мени таштап, качып келдиң эле чоңоюп калыпсың деп каткырып күлдү. Күлүп кайра өзүн башкача сезип, чочуп кетти. Көптөн бери күлө элек эле. Бул күлкү элим жерин көргөндө кусалыктын кетиши, сагынычтын таркашы экен деп ойлоду. Мен болсо бир жагынан кубансам, бир тарабынан «мени таштап келдиң» - деген сөз каттуу тийип, денеми ичркентип турду. Ошондон кийин жылкы уурдамай жортуулдар жоктоду. Нарын орустардын карамагына өттү. Осмон датка акыры орустардын букаралыгын кабыл алды. Жолчу менен кара күчүктүн аңгемеси аяктады. Улактын эти бышкыча уланды. Ортодогу эр оттун жалыны өчүп чок үйүлүп жатты. Таңга жакын болуп калды суу боюнда кайыңда күкүк сайрап жатат. Шакылыктап нары бери байулу учат. Тескейден сүт актын үнү чыкты. Төр жактан сыдырым жел согуп суунун шары кандайдыр бийиктей баштады эт бышса алып келгиле деди Атамбай эт бышырып жаткандарга колго суу куюлуп дастаркон жайылды. Эт бөлгөн жигит этти табака салып келип кимден алдырайын деди. Алманбетке анан Бабака алдыр. Атамбай өзүң ал жок менин өзүмдүн үйүм силер ала бергиле мен кийин алам. Ушул этти Алманбет аксакалга берип койсок болмок экен эзилип бышыптыр. Тиши жок эмеспи берсе сен бере бер устуканыңды шорпону эки кайталап ичтиң баардыгы каткырып күлүп калышты. Ошентип эт желип үй-үйлөргө таркашты. Узак аңгемени айтип бүткүчө түндүн бир убактысы болуп калды окшойт. Бирок аңгеменин кызыгына батып уйкум качты дагы

бир нерсени тактайын деп эне бул аңгемени чоң атам кайсыл жерде айтып берди эле. Бир жылдары чөп чыкпай кар көп жаап коюп жут болгон. Жут деген кар көп жаап коюп мал тээп оттой албай калган кышты жут болгон жыл дешет. Биз ошондой жылдын кышын сай боюндагы токойдо жылкыбызды жана коюбузду багып чыкканбыз. /йдү тигип алып малдарга шак кыйып берип коюп үйдө от боюнда отурар элек. Ошондо узун түндө чоң атаң ушуларды айтып берчүү эле. Айткандай эле ширенди айнеке жетип калыптыр эшикти зорго ачып, экөөлөп кар күрөй баштадык. Ширенди катып калыптыр. Кетмен менен чаап бошотуп, анан ыргытып жаттык. Улам барган сайын күн бүркөлүп ылдыйтан шамал согуп келди. Кечинде лапылдатын кар жаап келди. Эртең жааган карды күрөйбүз. Жашоо – күрөш экен да.

## Айтылган аңгемелерден чыккан ой толгоолор

Убакыт билинбей узайт экен. Жылдар тынымсыз жылат экен. Тирүүлүктө жашоо кыйынбы оңойбу улана берет турбайбы. Азыр алыскы ошол учурдун окуяларын жүрөгүмдүн кылдарын күүгө салгандай ойлорудун оргуштаган казанында кайнап чыгат. Мезгил өтүп, заман алмашып, жаратылыш да өз өңүн өзгөртүп, ар кандай кубулуштарга көз каранды экен. Бирок ал эч несре эмес. Адамдардын бири бирине болгон мамилесинин өзгөрүшү, ыймандуулуктун кетиши өтө коркунучтуу турбайбы. Бул манкуртчулука жол ачат окшойт. Тоонун чокусуна чыгып, ал жердеги тегиздике нары бери басуу менен жаныбарлар менен адамдардын балага болгон мээримин оюмда ийлеп жаттым. Карышкыр бөлтүрүктөрүн өзүнөн күчтүү аюдан, амал менен өлүмдөн коркпой куткарып калды. Таранчынын балапандарын мышыктан куткарып калыш үчүн нары бери учуп, жардам сураган абалда болушу. Акырында мышыктан куткарып кетиши. Ушулардын бала үчүн болгон күрөшү мени таң калтырат. Тоонун шамалына бетимди тосуу менен алыска, алыска караймын. Жүрөгүмдөгү ойлогон оюмду элдер түшүнсөчү, уксачы дегендей кыялда боло берем. Жырткыч болсо да карышкырга канаттуу чымчык болсо да таранчыга ыраазычылык сезимим келе берет.

Тоонун чокусунда жалгыз нары бери басып жатам. Ойлоном. Азыр аялдар, кыздар балдарын сатып, кээси өлтүрүп жатышат. Кээ бир эркектер балдарын, аялын карабай бузулуп кетип жатышат. Түптүү кыргыз элинин келин кыздары балага жаныбарлардан да төмөнкү деңгээлге жеттиби деген ачуу, тумандуу ойлор менен дагы эле нары бери басам. Алыскы заманда адам жортуулда колго түшсө кул болгон. Азыр болсо чет мамлекеттерге иштөө үчүн барганда паспортторун берип коюп кайра албай кул болуп иштеп жатышат. Алланын жазасынан, өлгөн наристелердин убалынан корккула.

Басып бара жатып тык токтойм. Кыбылага карап колумду жайып элге тынчтык бер. Адамдарга ыймандуулук ыроолосун аялдардын жүрөгүндө бала мээрими болсун. Ата менен эне карылар үйүнө барбасын. Деп бетиме бата тартам. Ушул батаны тоонун чокусунан эл уккандай болуп жеңилдеп калдым.

*Кызыл суу айылы 2018-жыл июнь айы.*

## БИРИНЧИ ЖОЛУ 1-КЛАССКА БАРГАНДАГЫ СҮРӨТҮМ

*Эс тутум*

Тур уулум, бүгүн мектепке барасың. Билимдүү адам болуп мени багасың – деп, башымдан сылап койду апам. Апамын колу абдан жылуу учурап, көңүлүмдү сергиткендей болуп уйкум ачылып кетти. Чоң энем төрдө олтурган экен мени деле кошо баксын деди күлүп. Апам энемди карам мээримдүү жүзү менен кудайым өмүрүн берсе баарыбызды багат. Туруп эшикке чыктым. Айлана туман түкөндөй бозомук. күндүн көзү ачык көрүнбөйт. Талаалар эгин тегин жыйналып, суру кеткен. Бозоруп турат. Эмнеге күндүн көзү жакшы көрүнбөй калган? Асманда булут деле жок – деп сурадым энемен. Батышта кандуу согуш болуп жатат. Жаратылыш да кыйналып жаткандыр да балам. Мен түшүнгөн жокмун. Апам эшекти токуп койдум минип барасың – деди. Жарма ичип алып сумкамы (баштык-

ты) асынып алып, эшикке чыксам апам эшекти кармап туруптур. Эшекке миндим. Чоң шишеге максым куюп, ээр кашка байлап берди. Курсагың ачканда ичип ал. Шишени таштабай алып кел. Жарым саатча жол жүрүп мектепке келдим. Класска түз эле уруксат сурабай кирдим. Партаны аралап төр жагына өтүп баратсам арка жакта эжекебиз туруптур. Салима деген эжекебиз мугалим экен. Кана доскага барып турчу, балдарды карап деди. Ошондогу менин сүрөтүм. башында кара кыюсу бар ак калпак кулагыма чейин түшүп турат. Шым ордуна бөстөн тигилген шалбар. Эскилиги жеткен тиземде саал эле ылдыйраак бөс көйнөгүм бар. Сыртыман кийгеним таар чепкен тизеге араң жетет. Жеңи кыска чемкенди топчуланбаган экенмин. Көйнөгүм көрүнүп турат. Көйнөгүм өйдө көтөрүп ичимдин көп жери көрүнүп калыптыр. Ага көңүл деле бурганым жок. Ычкырым саймаланып папик чыгарылган. Тиземен ашып турат. Мактагандай ычкырымды эңкейип кармалап койдум. Эжекебиз мурда эле күлүп жаткан ычкырды кармалап койсом «ычкыры сонун» турбайбы - деп, ого бетер күлкүсүн токтото албай күлүп жаты. Мени көрүп партада олтурган бир бала ычкырын өйдө кылып партага коң коюп менин ычкырым деле жакшы деле эжекени карап.

Эжекенин көзүнөн жаш чыкканча күлгөнүн көрүп турдук.

-Сыя челегиң, ручкаң барба?

-Бар – деп, чоң ак сыя челекти көрсөттүм.

Бөрү карагатты эзип, куюп койгомун. Камыштын сөңгөгүн тилип, учтап ручка кылып койдум эле аны көрсөттүм. Эмнеге жазасың? Шашылып баштыгымдан эски тытылган китепти алып чыгып ушунун актай жерине жазам. Ал китеп кийин окусам «Жолборс терисин жамынган баатыр» деген китеп экен. Ошентип окуум уланды. Жыл аягында бир жак бурчунда В.И. Лениндин бир жагында И.В. Сталиндин сүрөтү бар мактоо баракчасы менен сыйландым. Ошол бөрү карагатты эзип сыя кылган китептин актай жерине жазуу жазган, жыңайлак, таар чепкен кийген окуучу кийин университетти бүткөн мугалим, эл агартуучунун отличниги болду.

*2018-жыл май*

# ЭТ ТУУРАЙ БИЛГЕН ДА ӨНӨР ЭКЕН

Бир үйдө 10-15 киши отурдук. Ал үйдүн ээси элге чай берип жаткан экен. Олтургандарга дасторкон жайылып нан, чай коюлду. Ал кезде дасторконго нан эле колчу. Шириндик коюлчу эмес эле. Ошончо адамга эки пияла, эки чайнек чай (коюлду) берилди. Пиялага жарым кылып көк чай куюп сундум. Чай Жээнбек деген чалга берилди. Ал киши чайды карап туруп, ким куйган бул чайды? деди кабагын бүркөп, өйдө карап туруп. Мен унчукпадым. Кандай катачылык кетирдим экен деген ойдо турдум. Жарым пияла ысык чайды качан ичип бүтөм. Менден кийинки адам мени күтүп отура береби. Чайды азыраактан куюп жүр ким болсоң дагы – деди чайды карап туруп мени уялбасын дедиби же ар кандай ишти билиш керек деегндей ойдо болдубу билбейм. Шами деген киши мен бир иш боюнча айтып берейин угуп тургула. Жээнбек чал чайын ичкиче айтып бүтөм. Ырас толо куюпсун суугуча кармап отура берсин дегенде бардыгы күлүп калыты. Мен болсо ичим уйгу туйгу болуп, ызалык сезим келип турду. Мен анда 14-15 жашта болсом керек. Жайлоодо таран казабыз. Бир күнү түштөсү тамактан кийин аткулактан жулуп кел – деди атам. Алып келдим ат кулактан. Эми ушул аткулакты туурайсың – деп, бычакты берди. Туурай баштадым. Бөртүп туурабай майда туура. Ат кулакты бириктирип майда туура. Ошентип сезон аяктаганча ушул иш кайталана берди. Кийин эт тууратты. Эт туурагандын үч түрү болот. Бөртүп тууроо, майда тууроо, нарын тартып тууроо. Ушуларды ал деди, атам мени күлүмсүрөп карап кадырлуу аксакалдарга эт туурап калсаң кандай кылып туурайын деп сурап анан туурап жүр дечү. Ал убакта жайдын күнү Калма-Кырчын, Канжыгадан бери эл чогулуп шерине жечү эле. Бир жылы кургак жондо Өмөрбек шерине берди. Одоно баштап Канжыгадан, Өмүралы баштап Калма-Кырчындан эл келген экен. Үйдөн алыс тегиз жерге кийиз салынып эл тизилип отурушуптур. Балдарды да өзүнчө кийиз салып отургузушту. Эки жерде эки чанач менен сыр аяктарга кымыз куюлуп элге берилип жаты. Кымыз куюп жаткан жигитке эми демалбас аяка кымыз куйгула. Турсунбай дем албасты өзүң көзөмөлдөө – деди Өмүрбек. Чоң кара касага

кымыз куйдуруп Турсунбай дем албай жутуп койду. Ушундай ичкиле. Эгер дем алсаңар салтты бузгандыгыңар үчүн эки каса ичесиңер деди. Эл ичип ийип жатышты

Бирок бир жигит кымыз аз калганда иче албай калды окшойт. Көзөмөлдөөчү адам бузудуң салтты дагы эки каса иче-сиң – деп, катуу айтты. Ал жигит калган кымызды ичип ийди. Ордунан турары менен кымыз оозунан алыска атылып чык-ты. Ошол бойдон кузган жигит катарга келбеди. Балаңарды ороп ала кеткиле – деп, жигиттин айылдаштарын такабалап жатышты. Бизге да кымыз берип жаты. Эл дуу дуу болуп ай-ланасындагылар менен кызуу сүйлөшүүдө отургандардын улусу Өмүралы деген киши экен. Бир маалда ага шорпо куюп келип ууртап көрүңүздөрчү эт бышты бекен. Шорпону уртап көрүп, нары уратты. Эт бышыптыр дешти отургандар. Шорпо ичилип бүтө электе куйрук боор алдырылды. Кичинеден ке-сип бизге да алдыргы. Куйрукту жеп ийип, жаланып отуруп калдып. Элге эки кишиге бирден табак эт таратылды. Эт туу-рай турган балдардан ар бир табака бирден бала отурду. 4-5 бала жөн отуруп калдык. Өмүралынын ( Адинин атасы) таба-гына Өдононун баласы Батыркан отурду. Кичине туурагандан кийин эй бала тур нары деди

- Кимдин баласысың?

-Одононун баласы болом.

Бар атаңа эт туурап бер. Туурай албайт экенсиң. Баатырак туруп кетти. Ой бала бери кел дед имени карап. Жым дей түш-түм өнөрүмдү бир көрсөтөйүн деген ой дароо келди. Ак тар шымым бар Ак сурп көйнөк эскирип калган. Бутум жыңай-лак, белимде эски жоолук, жыңал башмын. Табактын жаны-на барып отурдум. Бычакты алып табактагы этти туура деди. Кандай кылып туурайын? Нарын тартып туура деди Өмүра-лынын шериги. Атамын айтканы эми эсиме түштү. ырас үй-рөткөн деп атама болгон ыраазычылык бүт денеме жылуулук берди. Этти каттуу тутамдап кырып туурап кирдим.

Өмүралы мени карап туруп кимдин баласысың? Деди.

- Ысмайылдын баласы болом.

- Доскана Ыймайылдынбы?

- Ооба.

Өмүралыны көзүмдүн кыйыгы менен карасам мени карап

башын ийкеп туруптур. Табак толо тууредым. Эми тууралган этти колуң менен ушалап майдалап бүтүп майлуу шорподон куюп аралаштырып алдыларына койдум. Мага тууралган эттен салып берип, рахмат балам жей бер деди. Тууралган эт желип бүткөндөн кийин устукандарын мага беришти. Табакта калган этти да кошуп жоолугума түйүп алдым. Сүйүнгөнүмдөн денем ысып, бетим ымырып чымыр болуп калды. Өзүмчө эле чоң иш аткаргандай, боюм узаргандай көрүнүп калды жүзүмө өзүмдүн өнөрүм менен тапканымды үй-бүлөмө алып барам – деген кыял жүрөгүмдү туйлатып турду. Атамды кучактагым келип, өпкүм келип, эзилип сүйүнүп турдум. Жогортон соккон жел да бетимден сылап азаматсың дегендей туюлуп турду.

## ӨРТТӨЛГӨН ҮЙ

*Аңгеме*

***Өзөктөн чыккан өрт***
***Өздөн чыккан жат жаман (элден)***

Чоң суунун боюндагы боз үйдө Турсунбай менен аялы Үрниса сүйлөшүп отурушат. Эрте жаз эле. Кээ бир түздүктөрдө кар бар. Кызыл Суунун Ак эшек капчыгайынан шамал согуп турат. Күнгөйгө күн тийип, тескейге тие элек. Атам келе жатат биз жака деп, аялы төргө төшөк салды. Турсунбайдын атасы Салы эшик ачып кирди. Келиңиз ата деп, Үрниса ийилип койду. Салам алейкум деп, Турсунбай учурашты. Сали салынган төшөкө отуруп тынч болгула деп, бата кылды. Үрниса дасторкон салып нан койду. Касага айран сунду. Айрандан жутуп, дасторконго койду. Кантип атасыңар? Эмне иш иштеп жатасыңар? Ата мен отун алып жатам. Үринса отунду үйгө ташып жатат. Жакшы иш кылып жатыпсыңар. Кыштын камын жазда көр дейт. Күнгөй жашоого жеңилирээк тескейге караган да жаз эрте келет. Кыш кечирээк болот. Мал эрте тоюнат. Эми мына өзүңөрчө үй көтөрүп, бөлүндүңөр ынтымак болуп оокат кылгыла. Аялдын иши, эркектин иши деп бөлбөгүлө. Үрниса сен

чөп оруш, отун ал. Сен Турсунбай сайдан суу алып келишип, казан оор болсо чыгарыш. Биргелишип жер айдагыла. Эгин эккиле. Ынтымактуу, эмгекчил болосуңар ырыскы болот, дөөлөт келет. Дөөлөттү кармап калыш керек. Ал үчүн экөөңөр бириңе бириң өбөк жөлөк болуп, ынтымак болуп, эмгекти сүйүп иштөө, туугандар менен катташып туруу, балдарыңарга камкоор кылуу. Улууну сыйлоо, кичүүгө ызат көрсөтүү. Өзүңөргө жетиштүү дүйнө жыйнагыла ашык болсо жардыларга жардам берүү. Ушундай иштер болсо дөөлөт сакталат. Аброюңар өсөт. Ошондуктан элде дөөлөт тоголок кармай албасаң тоголонуп кетет. Мээнет жалпак ал кетпейт дешет. Бир туугандарыбыз бар - деп, ишке кайдыгер болбогула. Атадан алтоо болсо да ар жалгыздык башыңда. Ушуларды эсиңерден чыгарбагыла, эми кайталабайм. Эртең сөлпү чалдыкында ноопас союп, деңгээне болот. барып бир дөбө алып кел. Сөздү көп ук, аз сүйлө. Кандай сөз уктуң, этти кантип бөлөт экен ушуларды айтып бересиң келгенде. Совет бийлиги жерди бекер берип жатат. Шериктешип айдагыла өзүңөрдөн ашканын мамлекетке бергиле – деп. Экөөңөр бир теше жерди караган, таштан тазалап, буудай эккиле. Теңин өзүңөр алып, теңин налогко бергиле. Буудайыңардын ашыгын сатып кой алгыла. Кой алтындай мал. Жакшы баксаңар бир жылда эки жолу төлдөйт. Кыгы отун болот. жүнү кийиз, кементай, чепкен, аркан, үйгө жабуу, төшөкчү, атка тердик болот эти дары, ысык келет, касиеттүү мал. Жылан менен арбашат. Эртеси Турсунбай бир дөбө эт алып келди. Турсунбай түштөш кийин өтө кеч келди. Үрниса түшкө чейин чыдамсыздык менен күттү. Жүрөгү элеп желеп, Турсунбай келүүчү кыя жолду саат минут сайын чыгып карайт. Кандайдыр сагыныч жүрөгүн эзгендей болуп жатты. Кудай ай түшкө чейнки сагыныч ушундай болсо эгер бир күн же андан көп убакыт болсо кандай болот эле деп, денеси оттой ысып беттери кызарып чыгып жатты. Үйдөн чыгып бара жатып да үйдүн жыртыгынан кыя жакты карап чыгат. Акыры чыдабай дөңгө чыкты бир маалда атчан Турсунбай көрүндү. Беш алты кадам басып анан токтоду. Сүйүктүм келейтат-деген сөздү угуза айтып, кайра өзү чочуп кетти. Турсунбай эшиктин алдына келгенде Үрниса атын алып байлады. Турсунбайдан мурда мойнунан кучактап калды. Экөө көптөн бери көрүшпөгөндөй

кучакташып турушту. Этти атамкына алып барайын бизге бөлүп бересиң – деп аттанып кетти. Үрниса ыраазы болгондой күлүмсүрөп үйдү көздөй басты. Ата ноопасты союп, этин алтыга бөлүштү. Мына бул этке бир пуд буудай беребиз. Алтыга кандай кылып бөлүштү. Алты жерге бирден сан жилик, бирден кол жилик таштап, чек менен ала берет экен. Кимдин сөзү жакты? Сөлпү чалдын сүйлөгөнүн жакты. Бир адам бир дөбөнү өзүм алам – деп эч кимге бербей турду. Сөлпү келип бөлүп алгыла. Алгандын бермеги бар, деңгенени аздан алгыла. Көп болсо кете берет, аз болсо жете берет. Бир дөбөнү бөлүп алышты. Эгин эгиш үчүн айдоо жер тазалоо башталды. Үрниса менен Турсунбай талаанын четинен жер тазалай башташты. Тегиз жерлер деле таштуу, чыргайлуу. Мында таштарды зампар менен көтөрүп төгүшөт чоңдорун тоголотуп чыгышат. Мети менен чукуп карагандын тамырын кыркышат. Карагандын сыртка алып чыгып жыйып жатышты. Экөөнүн сөзү түгөнбөйт. Баягыда мен үйүңө жакындаганда, үйүңө кирип кетип чыкпай койгонсуң го. Эми жазалайынбы – деп, Турсунбай Үрнисани бекем кучактап туруп алды. Үрниса шыңкылыктап күлүп, эгер анда мен сени менен көрүшүп туруп алсам эл эмне дейт эле. Мен үйдүн ичинен шыкаалап карап, жытыңан искеп, бетиңден өөп жаткамын. Ишенесиңби? Ишенем акылдуум – деди Турсунбай Үрнисанин кара тору жүзү, чийилген коюу кара кашы, кырдач мурду, орто боюу Турсунбайдын көзүнө жомокто айтылган перилердей, дүйнөдө бир гана өзүнүн Үрнисасы сулуудай көрүнүп кетти. Эгер канатым болсо көтөрүп алып дүйнөнү айлантып учат элем деген кыялда Үрнисани карап турду.

Элден мурда бир теше жерди (бир гектар) тазалап бүтүштү. тазалаган жердин четине келип отурушту. Бул жерге көп мээнет кылдык. Көп күчүбүз кетти, деп, Турсунбай терин аарчыды. Ушул жерди тазалаган мээнетибиз акталып, жердин үзүрүн көрөр бекенбиз. Кайнатамын, кайын энемдин батасы тийип, бала чакалуу, малдуу болор бекенбиз. Өзүң тилегендей болобуз. Кудай биздин тилегибизди берсин. Ынтымагыбыздан айырбасын. Ата энелеринен бата алып, жерди айдоого киришишти. Өгүзгө буурусун кошуп Үрниса жетеледи. Турсунбай буурусун кармады. Буурусун жерди тилип гана кетет. Кээ

бир жеринде чым аңтарылбайт кайра эле ордунда кала берет. Ошентип жерди чийип бүтүштү. Бирок Турсунбай жерге урук сепкиси келбеди. Себеби сепкен урук жердин үстүндө калып суюк чыгып калгыдай. Экөө эки кетмен алып чымдын баарын болбосо да азыраагын талкалап чыгышты. Алдарынын жетишинче чымдарды оодарышты. Бир нече күн буудай себилчү жерде болушту. Буудайды коюраак чачты. Тикенектүү доло-но менен малалап коюшту. Үйлөрүнө келип Үрниса кечээги алынган отунду алып келейин - деп, тоойго кетти. Турсунбай болсо бүгүнкү ишти айтайын деп атасыныкына барды. Айланайын бөлүнүп кеткен балам келейтат. Садагаң болоюнум – деп, кучактап өптү апасы. Апа мен үйлөнүп агандан кийин деле эркелете бересизби деди. Атасы менен учурашып, жанына отурду. Ата, буудайды эгип, малалап койдум. Эми жайлоого кеткиче койлоруңузду кайтарайын. Үрниса апамдын ишине жардам берсин. Отун алсын. Болуптур бекер жүрбөгүлө. Эмгектенсеңер кор болбойсуңар. Буудай өсүп, тизеге жакындаганда отун жулуп отой башташты. Буудайдын арасында ат кулак, кашка беде көп экен. Ошолорду жулуп тазалашты Үрниса зериккенде ырдайт.

Тектирге чыккан буудайды
Теңселтип шамал ыргайды
Теңчилик ушул турмушта
Теңтурмуштар ойлоп жыргайлы.

Турсунбай кошулуп, экөө ырдап иштешет. Атаганат, кандай гана жыргал мезгилди, кайталангыс ширин убактарын өткөрүп жатышты. Үрниса төмөнкүдөй ырды ырдап калды.

Жайлоонун башы жашылдан,
Жашыл гүл жолдон жолукса.
Жаш экенде эки жаш,
Тилектеш болуп кошулса.

- Бул ырды качан ырды качан ырдачу элең? – Сага келе электе.

- Тилегиңе жеттиңби?

- Ооба жеттим.

Тилегиме жеттим, сени таптым да. Кээде эркелегим келип, сенин эркелеткениңди сагынам. Эркелетер бекен – деп, таарынып калам. Эми эми түшүндүңбү? түшүндүм. Эми мындан ары таарынарың менен эркелетем. Биринин жүрөгүнөн чачы-

раган от экинчисинин түрөгүнө жалын болуп табылып турду. Буудай бышып орула башталды. Үрнөса орок менен буудай оро албай кыйналды. Бирок Турсунбайдын үйрөтүүсү менен тез эле орок менен буудай орууну үйрөнүп кетти. Түшүм элдигинен жакшы болду. Эмне үчүн бул буудайды. Бизден көп алды? Жери биздикиндей эле-деп, башкалар таң калышты. Алар жерди, чымды тазалоону, отоону белишкен эмес. Буудайдын үчтөн бирин мамлекетке берди. Буудай сатып он кой алды. Оокат азыка кеткенден башкасын көөмп койду. Кийинки жылы да мурдакыдан көп кой алды. Дагы орого камды. Айдан ай, жылдан жыл өтүп, жер алган адамдар өкмөткө түшүмдөн азыраак эле берип калышты. Кээ бир адамдар бербей деле коюп жатышты. Эми совет бийлиги кырмандан түшүмдү өздөрү көрүп туруп ала турган болуп калышты. Бир күнү Турсунбай менен Үрниса төшөктө сүйлөшүп жатышты. Төрт ородо буудай бар. Налогдон ашкан, саткандан, ичип жегенден ашканын көмп койгомун. Ал буудайлар ак мээнетибиз. Үрниса Турсунбайдын колун ичине койду. Ичи дөмпөйүп боюнда бар экени билинип турат. Боюнда барбы – деп, Турсунбай сүйүнүп кетти. ооба сага айбаттуу арстан төрөп берем. Оозуңа май, тилегиңе жет. Совет бийлиги элдин орролорундагы буудайларды зордук менен ала баштады. Эл арасы topолоң. Наразычылык күчөй баштады. Байып кеткен адамдар пайда болду. камоо, сүргүнгө айдоо башталды. Тургунбайдын тууугандарынын буудайларын ородон алып кетти. Ал эми Турсунбайдын оролорун таппады. Эми ага жакын тууганы Эдил (аты өзгөртүлдү) каршы боло баштады. Ичи тардык, көрө албастык оорусу пайда болду. Эмне Турсунбайдын буудайы кала береби айтам – деди. Эдилдин аялы айтпа айтканда сага ошол буудайдан сага бөлүп бербейт. Уят эмеспи кийин бетин кантип карайбыз. Ошентип Эдил жашыруун барып Турсунбайдын көмгөн оролорунун ордун айтып койду. Бир күнү төрт киши келип, буудайларынын барысын алып, өзүнүн колуна кишен салды. Атасы каршылык көрсөтүүгө аракет кылды эле Турсунбай тыйып койду. Аялы ыйлап турду. Аялына карап эгер уул төрөсөң атын Темир кой. Кыз төрөсөң өзүң билип кой. Менин күнөөм жок. Буудай ак мээнетим менен табылган. Буудайдын түшүмүнөн жылда берип тургамын. Акыйкаттык бардыр кайра келем.

Сот чындыгына чыгар балам. Буудайлар пешене териң менен табылды эле. Кудайм колдосун. Ыйласа ыйы түгөнбөй, кайгырса кайгысы басылбай аялы зарлап кала берди. Эми балам биздикине жүз. Турсунбай келгиче биз менен жаша. Айланайын ата, менин тилегим мындай эмес эле. Ак мээнет менен иштеп тапкандарыбыз жакшы иштерге кетсин - деп, күндө тилек кылчуу элек. Биздин эмгегибизди, ынтымагыбызды көрө албаган адам бар экен да. Биздин бирөөгө кара санаган ишибиз эмес бирөөгө жамам оюбуз жок эле. Үрниса балам кайрат кылалы, сабыр кылалы. Камап ийбес адилет адамдар бардыр коң берет. Ай күнүнө жетип төрөт учурунда оор акыбалга туш болду. Боюндагысын аман эсен төрөтүп алышты. Кыз төрөдү. Үрниса көзүн ача албай жатып кыздын атын Саламат койгула. Атасы Саламат келсин. Арманым көп ошонун бири кызымды көрө албай калдым. Эне кызымды сизге тапшырдым – деп, ыйлап албай жатып үзүлүп, о дүйнө салды. Ойлоп ой түбүнө жетпей, зарлап, зарлап жүрүп, ичи күйүп чок болуп жүрүп бечара Үрниса акыреттен орун алды. Үйлөрүнүн түнкүсүн жарык кылып турчу сүйүүнүн шам чырагы өчтү. Ынтымактын, берекенин уюткусу болгон үйдүн куту качты. Ысык махабаттарынын жалыны өчүп, түндүктөрү түштү. Үйлөрүн көрө албастыктын, ичи тардык оорусунун өртү каптады. Турсунбай атылып кетти. Аялы төрөттөн көз жумду. Кызы жетим калды. Эдигеге эч ким сыйлык бербеди. Үчөөнүн убалына калып, ата энесинин каргышына калды. Илгертен пайда болгон бул оору азыр деле күчүндө турат. Кымбаттуу окурман бул оору менде да, сенде да, тигинде да бар. Ар бирибиз өзүбүзчө ойлонуп, ушул оорудан айыксак коңшубуз байып кетти – деп ойлобостон мен да ушундай иштеп оңолуп, жетиштүү оокат кылайын деп, максат койсок коңшубузга, бир боор кишилерибизге, мекендештерибизге жаман ойдо болбосок.

Акын маркум Камбаралы Бобулов жазгандай.

«Кыргыздын ала тоосунан башка тоосу жок кыргыздын кыргыздан башка жоосу жок деген саптары көп нерселерди билдирип турат. Бири бирибизге качанга чейин жоо боло беребиз. Улутубузду сыйлап, ошол оорудан арылалы.

*Жалал-Абад шаары, Кызыл-Суу айылы,*
*2018-жыл август айы.*

# АК ЭШЕК ЖАЙЛООСУ

*Уккан кулакта жазык жок*
*(Элден)*

Кызыл-Суудагы Ак эшек деген жайлоо бир нече чакырымга созулат. Жайлоону Кызыл-Суу дарыясы экиге бөлөт. Жайлоонун күнгөй тарабы соодагерлердин кербениндей уланышып, чиркелишип Тогуз Торону тосуп турган Кызыл-Суу дабанына чейин созулуп турат. Жайлоонун күнгөй тарабы чакылдуу келип, арча өсөт. Ар бир конуштун аты бар. Ар бир конуштун колотторунан тунук суулар агып турат малчылар ошол суулардын бойлорунда жайлап кетишет. Ал эми тескей жагы тектир, тектир болгон ар кандай чөптөр өскөн жайлоонун конуштары көз жоосун алат. Жайлоодон тарам тарам болуп оргуштап агып түшкөн тунук суулары жайлоону тилмелеп бөлүп койгон. Дайыма түндүк чыгыштан шамал согуп, абасы таза жана салкын. Дарыянын сол тарабында дарыядан тоонун түбүнө чейин тегиз мекиндиктер башынан аяк ченине чейин созулуп жатат. Кызыл-Суудa илгертен бери эле Меден деген киши жашаган. Өзү Тогуз Торолук саяктардан болгон. Ал киши жыгач уста болчу. Каса, чөмүч, кашык, соку, сок билек жасап сатчу. Меден абанын небереси менен ойноюн деп барсам үйүндө жок экен. Меден абанын жанында ошол айылдык Осмон деген адам отуруптур. Ал киши капысынан эле Меден аке сиз Ак эшек Жайлоосунун аталышын билет экенсиз. Ошол жөнүндө айтып бериңизчи – деп суранды. Мейли сурансаң айтып берейин мен чоң атамдан уккан элем. Илгери Кытайдан кыргызстанга жылына бир жолу сода кербени келип турган. Ал кербендердин алып келгени эл керектөөчү нерселер болгон. Кийим кече, эндей чыт чыбыр, ат жабдыктар, кант, кургатылган өрүк, меиз, кургатылган тилик коон, таруу, күрүч элден күмүш, жез, алтын акча, мал алышкан. Бир жолу ушундай нерселер жүктүлгөн кербен Нарынга келет. Төөгө жүктөлгөн жүгү бар соодагерлер Ысык-Көл тарапка кетишет. Ал эми эшектерде, качырларда жүгү барлар Тогуз торо аркылуу Кызыл-Суу дабанынан ашып түшүшөт. Дабандан түшкөндө бир эшек аксап калат. Жүгүн азайтып көпкө чейин

айдап келишет. Баса албай калганда суунун боюндагы топ кайыңдарга таштап келишет. Эшектин түсү ак экен. Эшек ошол жерде тегеренип оттоп жүрө берет. Эшекти көргөндөр суунун боюнда, кайыңдардын арасында ак эшек жүрөт – деп, айтып келишет. Кызык кандар ак эшеке барабыз, аны көрөбүз – деп, келип турушат. Ошондон тартып, Кызыл суу капчыгайы ак эшек деп, аталып калган деген сөздү уккамкы. Ишенсеңер ишенгиле, ишенбесеңер өзүңөр билгиле - деп, Меден аба күлүп, ордунан турду. Мен болсо чын эле ушундай болсо керек - деп, ишенип калдым.

## АЛЫСТА КАЛГАН БАЛАЛЫКТАН АЧУУ КҮНДӨРҮ

Биздин үйдүн маңдайында узун сарай бар эле. Ал сарайда дайыма кышындасы колхоздун жылкылары турчу. Үй менен сарайдын ортосу жүз метрче келет. Биздин бир уйубуз бар. Бирок чөп жок саман жейт. Колхоз чөп орок бербейт. Өздөрү оруп алат. Ошол жылы март айында уйга сала турган саманыбызда азайып калган. Бир күнү жылкы бакан адам мени чакырып, мына бул чөптү алып кет – деди. Жыңайлак чуркап барып көтөрүп келдим. Сарайдын үстүндө бир адам отурган экен. Омей мына бул бала жыңайлак жүрөт да деп күлүп калды. Менин аркаман мени менен тең Бакы деген бала келди. Эмне чокоюну кийбедиң? Деди Бакы шашылып калбадымбы.

Экөөбүз сарайыбыздын башына чыгып отуруп сүйлөшө баштадык. Силер көбүнчө эмне оокат ичесиңер? Дедим. Биз жарма, максым, загыра нан жейбиз. Башка оокатыбыз жок. Биз деле ошодой оокат ичебиз Максым, жарма. Жармага максым катыктап койсо жакшы болот экен. Жарма ачкыл болуп калат. Жайындасы меке түгөнүп жармасыз калабыз. Колхоз жардам бербейт. Силер деле биздей экенсиңер. Биз дагы эгин түгөнгөндө жармага зар болобуз. Ичимден зээним кейип, жүрөгүм муздап бирөөлөргө нааразы болгондой абалга келдим эмне үчүн экөөбүздүн атабыз жок. Аталуу балдар кандай бактылуу. Алар жакшы, ток жашашса керек. Туура алар жакшы жашашат да – деп Бакы муңайып ылдый карады. Бирок бул кайгылуу ойлор көпкө узабады. Сарайдын үстүнө чаканбеш ойной

баштадык. Мектеп жакын. Сабак башталарда сабака жетип барабыз. Эгин бышып август айы келди. Кызыл сууда айлананын баарысы бышып турган эгин. Орокчулар кырманда эгин бастырган адамдар. Шамалга бастырылган эгинди (кызылды) ыргытып буудай сапырган адамдар. Бир күнү үйгө бригадир келди. Ачулуу, өзүнчө эле кейип алган. Бас мага учкаш. Соко ташка минесиң деди кабагын ачпай. Апам ишке кеткен мени көйнөкчөн, жыңайлак эле учкаштырып алып кетти. Абаз деген кишинин үйүнүн жанында кырман бар экен. Мага бир аттык сок таш тарттырасың деп ат моюнчак токулуу ат берди. Ээрдин үстүндө жука чүпөрөктөн каттап коюптур. Сен деди Бакыга эки аттык соко таш сүйрөтүсүң үйүңөргө барбайсыңар. Түштө атты жакын жерге откоросуңар. Чоң сууга барбагыла. Аттарды булактан сугаргыла. Ошентип иш баштадык. Үрбү эже, Канымбү эже кырманчы. Биз ушул эки аялга баш ийебиз. Боолой буудайды кырманга тегиз чыгышат. Улам-улам оодарып турушат. Үстүндө топон үйүлгөндө тырмоо менен иргеп турушат. Биз болсо тынбай тегеренип бастырабыз. Кээде соко таш буудайды сүрүп барып токтоп калат эжекелерибиз оңдоп коюшпайт. Өзүбүз түшүп, соко ташка оролгон чөптү алабыз. Бакыда көйнөкчөн, жыңайлак. Түшпөсө аттарды отко коюп кырманга келип оокат ичебиз. Оокатыбыз жарты нан, жарма. Бир саатка жетпей аттарды кошкула дейт. Кайрадан тегеренүү. Батыраак бастыргыла, ныксырабагыла – деген эки аялдын кыйкырыгы басылбайт. Бир күнү колотко сугаралык деп аттарды алып кеттик. Сугарып отко койдук. Көбүктөнүп агып жаткан тунук, муздак булактын боюнда отурабыз. Өзүбүздү эркин сезип, жаратылыштын коздугуна суктануу деген сезим жок. Мойнубуздан бирөө байлап тургандай денебиз чыйрыккандай кабагыбыз бүркөө. Бизден чоң балдар деле иштебей ойноп жүрүшөт. Аларды эмнеге иштетпейт. Алардын аталары бар. Алардын балдарына бригадир да айта албайт. Бригадирдин атабыз жок бизге алы жетет да. Биздин бригадирге каршы сүйлөөрүбүз жок. Менин жүрөгүм сыздап кабагым бүркөлүп, турду. Ойго чөмүлөм. Бригадир жакшылык көрбөсүн. Жок дегенде жата турган жерибиз жакшы болсочу. Үйгө жаткырбайт. Саманга жатабыз деди Бакы.

Бакы экөөбүздүн жашыбыз тең бирок ал менден чыйрак

эле. Ошентип отурганыбызда ээй Бакы келбейсиңерби. Атаңдын оозун урайындар жоголдуңарго деген бригадирдин үнү чыкты. Жүрөчүбүз зырп этип, атка чуркап барып, тез эле кырманга жетип бардык. Бригадир Бакыны камчы менен чаап жиберди. Мен буйтап качып соко ташты кошо баштадым. Кырман жолго жакын чоң жолдон балдар, чоң кишилер өтсө суктанып калаар элек. Эркиндикте жүрүшөт. Биз болсо мойнунан байланган кишедей болуп, эркиндикте эмеспиз. Биздин эч нерсеге укугубуз жоктой сезилет. Аларды жалдырап кароо менен узатабыз.

Кечиндеси карангы кирип, кырман көрүнбөй калгыча бастырат элек. Ай жарыкта ай батайын дегиче иштетет болчу. Өздөрүнүн уйкулары келгенде эми аттарды отко коюп саманга жата бергиле деген уруксат болот. Эрте менен жылдыз таркай электе самандан сууруп алышат. Көзүбүздү зорго ачып ишке киришебиз. Башыбыздан бери саман боюнча аттарга минип алып тегеренмей. Көчүк жооруду. Буттарыбызды үзоңгү жоорутту үйгө жибербейт. Он беш күн иштедик. Жаткан жерибиз саман. Ичкенибиз жарма жакшы сөз укпайбыз. Кээде үргүлөп кетсек тырмоо менен чаап жиберишет. Он беш күн дегенде ошол талаанын буудайын бастырып бүттүк. Согуштун бүткөнүнө үч жыл болсо деле иш катыраң. Планды убагында толтуруу. Эгинди багыш станциясына ар бир колхоз өзү жеткирет. Элге иш үчүн акы төлөнбөйт. Бекер иштейт. Бул талаанын буудайын бүттүк. Эми жогорку талаанын буудайын бастырабыз. Соко ташыңарбы сүйрөтүп бара бергиле – деп бригадир бир жакка кетти. Бакы эми мындан ары деле ушулардын жаман сөзүн угуп, токмогун жеп, саманга жатып, жүрө берелиби мен эми келбейм дедим. Мен деле үйгө барып келейин деп, барып алып келбей коңм. Дагы он беш күн кантип чыдайбыз. Кырмандын четинде сүйлөшүп турдук. Айлана бопбоз мунарык. Кырмандын четине байланган боолой буудайлар жыйылган. Адамдар тынбай ташып келип жатышат. Мунун баарын качан бастырып бүтөт деп жүрөгүм сыздап кетти. согуш болсо деле элди эмне кыйнап иштетет? Эмне үчүн иштегендерге буудай бербейт.? Деп ойлонуп турдум. Болуптур деди Бакы мага колун берип сентябрда көрүшөбүз. Үйгө барып келели деп жооп сурадык. Эки саатта келесиңер деди бригадир Бакы мени ка-

рап жылмайып туруптур. Ошол бойдон экөөбүзтең кырманга келбедик. Кийинки деле ошол он беш күндүк өмүрдүн ачуу күндөрүн эстеп, сүйлөшүп олтуруп калаар элек. Ачуу, көңүл калтыруучу суук сөз балага болгон ырайымсыз мамиле баланын жүрөгүнө кара так болуп кетпей калат турбайбы. Эгер Бакы азыр тирүү болгондо деле ошондогу күндөрдү эскерип айтып жүрөгүбүз зырп этет эле. Өйлорубуз ошол алыста калган эстен чыкпаган ачуу күндордү айланасында болмок. Небере, чеберелерибиз балалыктын ачуу күндрүн көрүшпөсүн. алыста калган ошол күндөр ошол жакта калсын. Бала атадан ата баладан ажырабасын. Алла колдоп, Алла сактасын.

## КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛЫНДАГЫ БАЙСОГУР УРУУСУ ЖӨНҮНДӨ

Өзүнүн уруусун билип алуу, жети атасына чейин билүү жаман нерсе эмес. Бул тууганчылыкты эле бекемдейт башка жамандыгы жок. Кызыл суудагы байсогур уруусу жөнүндө байсогурлардын аксакалдары жакшы билишкен эмес. Биз Ак талаанын Ак кыя деген жеринен келгенбиз деген сөздү айтышкан. Абдыкар акенин айтканы боюнча Ак кыя деген жерде бир нече уруулардын айылы болуп ал жерде Аланкөз деген байсогурдун баласы Таштанбек да жашаган. Таштанбектин үйүндө жүргөн кызматкерлери улакта саяктардын бир жигитин камчы сап менен чаап өлтүрүп коңт. Өзү болсо түндөп качып кетип калат. Саяктар канча кан алабыз дешкен. Ошондо туугандарын таштап Таштанбек Өзгөнгө качып келет. Андан кийин Калма-Кырчындык Кыдыр бийге келип туруп калат. Кыдыр бий Таштанбектин бир тууган жездеси болгон. Кара көлдөн жогору жагына отурукташа бер – деп, Кыдыр уруксат берет. Ушул жерде Таштанбек үч уулду болот. Улуу баласы Атамбай.

Ортоңку баласы: Кара күчүк

Кичүү баласы Бүргө.

Таштанбектин балдары жетиштүү жашашкан. Үчөө тең иштермен эмгекчил болуп, бала чакаларын ак эмгектери менен бакан. Атамба мерген, капканчы, өз мээнети менен жашаган сыпаа адам болгон экен.

Кара күчүк баатырдык сыны бар улакчы эңишке түшүп эңилбеген чоң киши экендигин айтышчу. Эки ийине эки киши баткыдай мурутун кулагына өткөрүп, кыстарып койчу эле дечү менин чоң энем.

Бүргө бою пас кичине киши болгон. Бирок толук, кара жумушта иштегенде ага тең келген адам болбогон дешчү.

Алаң көздүн баласы Таштанбектин улуу баласы Атамбайдан таркаган балдар

*Беш уулу болгон*

1. Кожомберди
2. Назар
3. Какы
4. Каракул
5. Кенже

*1. Кожомбердинин балдары төрт уул*

1. Дордок – бала жок
2. Акай
3. Нияз – бала жок бир кыз Ирайла андан Майман
4. Борбаш бала жок

*2. Назардын балдары үч уул*

1. Сагындык – Сагындыктан Маканбай
2. Мама – Мамадан Кыргызбай, Камандир
3. Аса – Малике

*3. Какыдан эки уул*

1. Турдубай бала жок
2. Ормон

*4. Карагулдан эки кыз*

1. Паша - Пашадан Бектемир, Абдиллаз, Малик
2. Алима

Атамбайдын эң кичүү баласы Кенженин балдары

1. Кудайберди. Кудайбердиден Жапар
2. Куланбай

3. Аши жашында өтүп кеткен
4. Мусабай жашында өтүп кеткен

*Таштанбектин экинчи баласы Кара күчүктүн балдары*
1. Камчыбек
2. Кайна

*Кара күчүктүн Камчыбек деген баласынан төрт уул*
1. Абдыкар
2. Маша
3. Шаани – бала жок
4. Ашир – бала жок

*Кара күчүктүн Кайна деген баласынан 3 уул*
1. Кылычбек
2. Атабай
3. Али

*Кайнанын баласы Кылычбектен эки уул*
1. Жакып
2. Шаа

*Кайнанын экинчи баласы Атабайдан эки уул*
1. Алымкан
2. Турдукул

*Үчүнчү баласы Алиден – Токторбой*
Таштанбектин үчүнчү уулу Бүргөдөн эки уул
1. Үсөн
2. Нүке

*Бүргөнүн биринчи уулу Үсөндөн алты уул*
1. Дыйкан
2. Жусуп
3. Өкмөт
4. Шалпаң
5. Абакул
6. Алижан

*Бүргөнүн экинчи баласы Нукеден беш уул*

1. Сулайман
2. Карим
3. Салимбек
4. Төлөн
5. Абдибали.

Кымбаттуу окурман эми кыскача схема менен жыйынтыктайлы. Ала күчүк деген адамдан мурдагы аталардын арасында аталар бар. Аны санжырадан тактап анан жазабыз. Ала күчүктөн берки аталар так жана ишенимдүү.

Долон-Долондон Кубул
Кубулдан (Куу уул) Тентек Акмат
Андан басыз
Басыздан Байсогур
Байсогурдан Ала күчүк
Ала күчүктөн Алаңкөз
Алаңкөздөн Таштанбек

Таштанбектен үч уул булар жөнүндө жогоруда чечмеленди. Байсогур урулары Кызыл Сууда, Канжыгада, Таран-Базарда, Зымкатта, Жаңы-Дыйканда, Чаткалда, Өзгөндө, Ак талаада, Тогуз-Тородо аз аздан чачырап жашашат. Ала баштар ак жибектер, кызыл камчылар жана башка болуп бөлүнүшөт. Кызыл Суудагы Байсогурлар Кызыл камчылар. Байсогурдун өз аты бай. Бай чындыгында койлуу бай киши экен. коюн толу жайыттарда багып жүрүп жардан кулап кетип бир көзү көрбөй калган. Ошондон кийин Байга сокур кошулуп Байсокур болуп айтылып калыптыр. Алаңкөздүн Таштанбек деген баласынан таркагандар Кызыл-Сууда, Кара-Алмада, Октябрскийде, Винзовхоздо, Бишкекте, Өзбекстанда, Тайгараевде жашашат. Бардыгы 70 айланасындагы үй-бүлө. 1880-жылга чейин Таштанбектин балдарынын «кан салыгы» Кара эчки сойчу деген жердеги үңкүрдө болгон. Кан салык деген бир атадан таркаган балдардын жайлата жыйган тергендерин бир жерге жыйып коюшат. Анан кыштоого келгенде бөлүп алышкан. Кудайлат урусунун кан салыгы Жунус көпүрөдөгү Кайыңда болгон экен. Башка урулардыкын уккан эмесмин.

Кызыл-Суудагы байсогурдун келиндери Бүргөнүн атын айтып коңбуз деп, бүргөнү ыргыма дешкен. Күчүктү ит деп, Кайнаны тергешип, бышты ташты-шагыл, атаны-аба дешкен. Ынтымакчылыкты, биримдикти туу тутушкан Түбүңдү, ата тегиңди билип жүр. Кээ бирөөлөр урууңду жамандап, паска тартышы мүмкүн. Бирок бул жазылгандар Кызыл-Суудагы байсогурлардын тегин көрсөтүп турат. Буларды мен өз кулагым менен уккамын.

Таштанбек үч баласын сынчыга сындаткан экен. Ошондо Атамбайды мунун балдарынан калем уч менен иштегендер чыгат. Кара күчүктү болсо мындан палвандар туулат. Бүргөдөн жер менен малдан байлык күткөндөр болот деп сын берген экен.

## АК БУЛУТТАР

Адаштырып мени таштап,
Бекиндиң булуттардын арасына.
Көрүнүп койбойсуңбу бир жарк этип,
Шыпааболуп журөктүн жарасына.

Ак булуттар жылып бараткаалгышып,
Асмандын мейкиндигин ээлеп алып.
Адашкан өз жарымды изилдейин,
Ак куу болуп булутарга учуп барып.

Издедим булуттардын арасынан,
Жок экен булуттардын арасында.
Бекинип менден качып көрүнбөдү,
Жашынып булуттардын пахтасына.

Булуттар көк асманда жылып барат,
Сүйгөнүмдү пахтасына катып алып.
Каяка алып кетти жалжалымды,
Өзүмдөн көз көрүнөө тартып алып.

Ак булутка жашынып кетип калдың,
Жалооруп жалынганга карабастан.
Кайгынын туманына аралашып,
Кала бердим сени менен бара албастан.

## КУПУЯ СҮЙҮҮ

Көлдө ойногон чүрөктөй элесиңди,
жүрөгүмө тымызын катып алдым.
Айта албаймын жүрөктөгү сезимимди,
Бир көргөндө өзүңдү сүйүп калдым.

Айта албаймын жүрөктөгү сырларымды,
Айтууга жүрөгүмдүн эрки жетпей.
Сезимимди жеке өзүң бийлеп алдың,
Элесиң минут сайын эстен кетпей.

Арча болуп сен турсаң аскадагы,
Бутагына мен консом булбул болуп.
Жытыңа кангычакты мен жыттасам,
Жыргасам, жыргалыңа көңүл толкуп.

Кырандагы кызгалдактын гүлү болсоң,
Мен консом ал гүлүңө аары болуп.
Махабат токунунда термелишип,
Гүлүңдүн эрип турган балын соруп.

Кыялымдын оттору күйүп жанып,
Жүрөгүмдүн кылдарын күүгө салат.
Көкүрөктө сырларым сыртка чыгып,
Ак сүйүүмдүн арзуусу сенде калат.

## КЫЗ ЖЫТТАГАН КЫЗЫЛ ГҮЛ

Кызыл гүл алып колума,
Күтүп турдум жолуңан.
Эзилип жүрөк солк этти,
Алганда гүлүм колуман.

Колго алып гүлүм жыттадың,
Жоодурап карап өзүмө.
Элестей түштү тим эле,
Перинин кызы көзүмө.

Сунулган колун кармадың,
Сүрдөнүп карап тигилип.
Кармашкан ушул колубуз,
Түбөлүк калсын биригип.

## АЙ ЖАРЫКТА СЫРДАШУУ

Ай жарык айлана көшүлүп,
Гүлдөрдөн шүүдүрүм төгүлөт.
Оң колум ийниңе артылып,
Отурган мезгилим көрүнөт.

Кетким келбейт жаныңан кыналышып,
Күйүп турат сезимдер оттой болуп.
Көзгө көдөр урунуп кылгырышып,
Көкүрөктө катылган сырлар чыгып.

Отурдук токой ичи түнүндөсү,
Ай шооласын жамынып көңүл толкуп.
Айтылган сөздөрүбүз жалын сымал,
Токой ичи алоолонгон жарык болуп.

## ЖАШТЫК

Кумардын канбай турган чегиндеги,
Алоолоп күйүп турган жаштык кайда.
Жаштыгым эмнеге шашылды экен,
Кетип калды бекинип келбес жайга.

Ойлоном ошондогу жыргалымды,
Кетпейт дебей ысып турган шаттыгымды.
Кетирбей кармап калсам болмок экен,
Кумарды өчүрбөгөн жаштыгымды.

## ЭЖЕКЕЛЕР

Эжекелер мээнеткеч асылсыңар,
Балдар үчүн бардык ишке чыдайсыңар.
Жүрөктөгү сезимди текшерүүдө,
Өзүңөр врачтанда кылдатсыңар.

Терең билим берсем – деп, ойго батып,
Ар усулду колдонуп чырмайсың.
Окуучу айткандарың билип алса,
Жеңилдеп жаш балача жылмаясың.

Эжекелер мээримдүү бир жансыңар,
Окуучуга ата-энеден жакынсыңар.
Тентекти тарбиялап, туура өстүрүп,
Бакытты ак эмгектен табасыңар.

## ТАГДЫР

Тагдыр сен бир адамга байлык бердиң,
Бирөөнө түбөлүктүү кайгы бердиң.
Тагдырга таарынууга айла жок-деп,
Дайыма адамдарга айтып келдиң.

Тагдыр сен ушунчалык ташбоорсуңбу,
Адамды ушунчалык кордойсуңбу.
Адамдын жашоосуна жаралган соң,
Бардыгына бирдей эле болбойсуңбу.

Тагдырдын жазасын көп тартсаң да,
Эркимдин катуулугун майтарбаймын.
Жашоодо татаал жолду сезсем дагы,
Тагдырга, жаратканга таарынбаймын.

## ШИРИН БУЛАК

Чоң журттун жолундагы ширин булак,
Биз отурдук жанында узак убак.
Термелишип махабат бешигинде,
Булактан чын сүйүүнүн сырын сурап.

Ошол кезде жамалыңа назар салып,
Көркөмүңө көзүм тойбой карай бердим.
Чийилип сүрөттөрүң каректерге,
Жүрөгүмдө түбөлүкө кала бердиң.

Торгой үндүү ширин булак чыккан жерден,
Жутуп алдым суусунан кере кере.
Аттиң ай, неге мынча ширин эле,
Оозумдан кетпей турат дагы деле.

## КАЛЫҢ ШАК

Калың шак бир кездерде токой эле,
Алма, алча, кайың, талдын түрү жайнап.
Абасы салкын эле жанга жагым,
Токойдо түрдүү куштар булбул сайрап.

Чакылда чүкүрүнүн гүлдөрү жайнап турат,
Суйкайып кызыл көйнөк кыз тургандай.
Карасаң жүрөк толкуп кубанасың,
Сүйүшкөн өз кызыңа бараткандай.

Бул чакылдан жыланаяк алгы алгы тердим,
Кайгысын тең бөлүшкөн жаштыгымдын.
Тойгузуп ач курсакты алгысына,
Жакшылыгын чакылдын унутпаймын.

Колотунда кызарышып ышкын гүлдөп,
Көрк берип тоо бооруна ыргалышып.
Оргуштап тоо боорунан булак суулар,
Агып келет обон менен шылдырашып.

Көкдукаба жамынып тескей жагы,
Ар түрдүү чөп жыгачтардын мекени экен.
Мөлтүр кашка суулар агат колоттордон,
Жараткан элге берген белек экен.

## ЖАЙКЫ ЖАМГЫР

Капыстан чыга калып карабулут,
Күн нуруна көшөгөсүн жаап койду.
Булуттан от чыгарып чачыратып,
Чагылган да куркүрөтүп жаасын чойду

Тоолор кийип баштарына элечек,
Суу бойлото жылып келет жөө туман.
Тез эле ороп калды мени кошо,
Тоолордун элечегин карап турган.

Асмандан мөлтүр суунун тамчылары,
Жер бетине шатырап төгүп келди.
Жалбырактар ийилип жонун тосуп,
Кулунчактар башын ийип келгин деди.

Кийимдерим суу болуп бир заматта,
Тамчылары жамгырдын беттен өптү,
Жамгырдын өпкөнүнө кайыл болуп,
Келе жатам аралап калың чөптү.

Күтүүсүздөн күндүн нуру жарк дей түшүп,
Көшөгөсун булуттун түрүп берди.
Кейибечи, кийимиңди кургатам-деп,
Жаш балача асмандан күн күлүп келди.

# ГҮЛДҮН ЖЫТЫ

Үзүп алып бир тал гүлдү колума,
Жалжалымды жытта-дедим, басып барып жанына.
Жыттап көрүп, колум кошо кармалап,
Окшош-дедиң сенин эле жытыңа.

Жытта-дедиң гүл карматып колума,
Карап турдуң күлүмсүрөп кысыла.
Жыттап көрсөм ошол гүлдү кайталап,
Окшош экен алкымынын жытына.

Гүлдүн жыты жүрөктөрдүн кумары,
Ал кумарды ыйык сактап жүрөлүк.
Экөөбүздө ушул гүлдүн жыттары,
Тура берсин жыттуу бойдон түбөлүк.

## МАЗМУНУ

### •АҢГЕМЕЛЕР•

Эрте өчкөн кош жылдыз . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3
От боюнда айтылган үч аңгеме . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 8
Биринчи жолу 1-класска баргандагы сүрөтүм . . . . . . . . 25
Эт туурай билген да өнөр экен . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 27
Өрттөлгөн үй . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 29
Ак эшөк жайлоосу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 35
Алыста калган балалыктан ачуу күндөрү . . . . . . . . . . . 36
Кызыл-Суу айылындагы байсогур уруусу жөнүндө. . . 39

### •ЫРЛАР•

Ак булуттар. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 44
Купуя сүйүү. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 44
Кыз жыттаган кызыл гүл . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 45
Ай жарыкта сырдашуу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 46
Жаштык . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 46
Эжекелер . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 47
Тагдыр. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 47
Ширин булак. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 48
Калың шак . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 48
Жайкы жамгыр . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 49
Гүлдүн жыты. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 50

Жалал-Абад шаарындагы жеке басмада басылды.
Токтогул к., 20-3
2018-жыл.

*Жасалгасы* Хуррам Газибаев



**Мамек АКАЕВ**

*1936-жылы туулган. КУУнин тарых факультетин бүтүргөн. Агартуунун отличниги, эмгек ардагери, ардактуу эс алууда.*

*Жалал-Абад шаарына караштуу Кызыл-Суу айылында жашайт.*

# ЭРТЕ ӨЧКӨН КОШ ЖЫЛДЫЗ

*Аңгеме*

Кокон ханы Кудаярдын гареминин жетекчисинин бөлмөсүндө диванда бир аял эки эркек киши отурат. Бөлмө жакшы жасалгаланган. Кымбат баалуу столдор, кымбат жумшак отургучтар. Персия килемдери тартылган. Жерине индия килемдери төшөлгөн. Четте отурганы арык чыра, мурутчан сакалы жок. Узун жаак, кара тору – аты Шер. Бул киши гарем боюнча Кубаярдын ишеничтүү кишиси. Бийлигиненби айтоор сүрдүү көрүнөт. Экинчиси Шердин орун басары Муратбек. Ал эми отурган аял гаремдегилерге кетчү каражатты карап, түз жетекчилик кылат. Аты – Салия. Шер беркилерге бурулуп. Сузака караган уруулардан бир жылдан бери гаремге кыздар келбегенин өкүмдарга бирөө жеткирсе керек эмне үчүн кыздар келбей калганын сурап жатат деп аларга олуттуу карады. Жакында Салия барып кыздардын тандайт андан кийин алып келиш үчүн адамдар барышат. Бир айдын айланасында кыздар келип калат. Камтама болбоңуз бек деди Муратбек. Шер мурутун сылап, берки экөөнү көздөй карап, гаремде туура эмес иштер болуп жатканын билесиңер. Жакында гаремдеги кыздар менен жолугушуп жүргөн киши кармалган. Ал гаремге аялдын кийимин кийип кирип жүргөнү суракта белгилүү болду. Ал Ташкентке орустарга качып кетти. Аны да бирөө качырса керек. Изилдеп табабыз.

Шердин жүзү кубарып, кайра кызарып өзгөрүп турду. Кыздардын сулууларын гана тандагыла өзүм көрүп туруп, гаремге өткөрүп берем. Ыраңы серт болсо башыңар менен жооп бересиңер. Ал эми Муратбектин колу кылтырап, жаак эттери диртилдеп, өйдө карай албай турду. Гаремге кирип жүргөн адамга жардам берген ушул Муратбек болгон. Алтын адамды туура жолдон тайдырат деген ушул – деп Салия ойго батып отурду. Мындан ары гаремге кыздарды убагында алып келип тургула. Андай болсо ханга айтууга туура келет – деп, Шер чыгып кетти. Суунун боюндагы чарпаяда төрт адам отурду. Төртөө тең 60-70тин айланасында жашаган адамдар экен. бир кыска бойлуу сакалчан адам сүйлөп жатат. Жанаша чарпияда мен угуп

## ЭРТЕ ӨЧКӨН КОШ ЖЫЛДЫЗ

*Аңгеме*

Кокон ханы Кудаярдын гареминин жетекчисинин бөлмөсүндө диванда бир аял эки эркек киши отурат. Бөлмө жакшы жасалгаланган. Кымбат баалуу столдор, кымбат жумшак отургучтар. Персия килемдери тартылган. Жерине индия килемдери төшөлгөн. Четте отурганы арык чыра, мурутчан сакалы жок. Узун жаак, кара тору – аты Шер. Бул киши гарем боюнча Кубаярдын ишеничтүү кишиси. Бийлигиненби айтоор сүрдүү көрүнөт. Экинчиси Шердин орун басары Муратбек. Ал эми отурган аял гаремдегилерге кетчү каражатты карап, түз жетекчилик кылат. Аты – Салия. Шер беркилерге бурулуп. Сузака караган уруулардан бир жылдан бери гаремге кыздар келбегенин өкүмдарга бирөө жеткирсе керек эмне үчүн кыздар келбей калганын сурап жатат деп аларга олуттуу карады. Жакында Салия барып кыздардын тандайт андан кийин алып келиш үчүн адамдар барышат. Бир айдын айланасында кыздар келип калат. Камтама болбоңуз бек деди Муратбек. Шер мурутун сылап, берки экөөнү көздөй карап, гаремде туура эмес иштер болуп жатканын билесиңер. Жакында гаремдеги кыздар менен жолугушуп жүргөн киши кармалган. Ал гаремге аялдын кийимин кийип кирип жүргөнү суракта белгилүү болду. Ал Ташкентке орустарга качып кетти. Аны да бирөө качырса керек. Изилдеп табабыз.

Шердин жүзү кубарып, кайра кызарып өзгөрүп турду. Кыздардын сулууларын гана тандагыла өзүм көрүп туруп, гаремге өткөрүп берем. Ыраңы серт болсо башыңар менен жооп бересиңер. Ал эми Муратбектин колу кылтырап, жаак эттери дирилдеп, өйдө карай албай турду. Гаремге кирип жүргөн адамга жардам берген ушул Муратбек болгон. Алтын адамды туура жолдон тайдырат деген ушул – деп Салия ойго батып отурду. Мындан ары гаремге кыздарды убагында алып келип тургула. Андай болсо ханга айтууга туура келет – деп, Шер чыгып кетти. Суунун боюндагы чарпаяда төрт адам отурду. Төртөө тең 60-70тин айланасында жашаган адамдар экен. бир кыска бойлуу сакалчан адам сүйлөп жатат. Жанаша чарпияда мен угуп

отурдум. Илгери мына бул Сузактын тоолорунда кийик, эliktер көп болчу экен. Кайсы жылдары экен - деп, суроо берди бирөө. Кокон хандыгы боло электен мурда болсо керек – деп, жооп берди. Анда элде мылык жок. Тайганды пайдаланышкан. Тайган кийиктен карыш ашык секирет. Жаагы узун, тиштери курч, мойну жоон болот. Кийике жетип толорсукту жара чайнайт. Үч буттап чуркап калганда экинчи толорсукту үзө тиштегенде кийик жатып калат. Ошондой бир мергенчиликте тайгандын бутун таш тилип кетет. Тайгандын бутун таңып коет. Эл ошондон кийин ошол уруунун элин ит тапандар деп тамашалап жүрүшүп, кийин – иттапандар аталып калышкан. Мен чоң атамдан уктум эле деди баягы сүйлөп жаткан адам. Ошол уккандарым азыркыга чейин эстен кете этек. Ошондогу иттапандар деген уруулардын кыштагы суунун бойлорунда экен. Күн батыш жагы адыр. Кышындасы да, жайындасы да мал жайыла берчү экен. Ошол айылда Машабай деген адам жашап, ал өтүп кетип аркасында бир кызы калат. Кыздын аты Аккыз болуптур. Аты айтып тургандай эле жүзү аппак, кашы капкара чийилген, кирпиги төгүлүп, көзү ак идиште турган. Карагаттай капкара кырдач мурдуна жарашып турат. Жашы 16га толуп суйсалып турган убагы экен. Кудай өңдү да, акылды да, жароокерликти да аябаптыр. Бирок бак бербептир. Узун өмүр бербептир.

Ошол эле айылда Ибрагим деген кишинин баласы Назир деген жалгыз баласы менен Аккыздын мамилеси жакшы болуп жүрүп кийин ысык сүйүүгө айланат. Жеңесине Аккыз сырын жашырбай айтчу. Мен эшикке чыккан сайын Назир кой кайтарып адырда болоор эле. Ырдаган ыры кадимкидей угулуп турчу. Барган сайын Назирди жакындан көргүм келип, сүйлөшүүгө ынтызар боло баштадым. Ал да мендей абалда боло баштаса керек. Биздин үйгө шылтоолоп келе баштады. Көпкө чейин бири бирибизге сөз айтып көп сүйлөшпөй суроо жооп менен эле жүрдүк. Бир күнү суу алып келе жатсам алдыман чыкты. Колун сунуп саламдашты. Жүзүн көзүмдүн кыйыгы менен карасам жүзү кыпкызыл болуп, колу кылтырагандай туюлду. Мен анын жүзүн тартынып жатып карадым. Кандайдыр денеме ток аралангандай Назир жактан бир жакшы көрүүнүн сезими пайда болгондой болуп турдум. Жыпар

тебиз кеп ошондо турбайбы – деп, Аккыз терең үшкүрдү. Мен атымды минип, сени учкаштырып суу бойлоп төмөндөп качабыз. Эки күн айланасында Анжиянга жетебиз. Түндөсү жол жүрүп, күндүзү камыш арасында, көздөн далдоо жерлерде болобуз. Экөө убадалашып эки күндөн кийин түндөсү ушул жерде болмой болушту. Баягы айтылган убада боюнча түндөсү жолугушат. Назир атын минип канжыгага төшөк бөктөрүн, куржунга азык салган. Назир аттан түшүп, Аккызды колунан кармап, атка мин деди. Аккыз буркурап ыйлап, ысык сүйүүбүз өчпөсө экен. Аруу тилегибизге жетебизби же колго түшүп, өмүрүбүз кыйылабы? Кудай бизге жол бер. Ата энебизден бата албай жолго чыгып жатабыз. Кечирим сурай турган мезгил келээр Тирүү болсок. Ыйлап туруп аттын маңдайынан сылап, айланайын жаныбарым бизди душмандарыбыздын колуна түшүрбөй куткарып кет. Ишенгенибиз кудайдын райымы жана сенин күчүң айланайын жаныбарым. Чал куйруктай канат бүтсүн сага. Жашын аарчып атка учкашты. Аккыз атка минээри менен катуу чаап жүрүп отурду. Акырында желдиреп аттын көкүрөгүн басты. Таң атты. Суу бойлоп камыш аралап кетип жатышты. Ошол күнү эрте менен эрте Аккыздын апасынын үйүнүн эшигине жабык араба келип токтоду. Аркасынан атчандар келишти. Арабадан бир аял чыгып Аккыздан апасынан кызыңыз кайда? деди. Мен кечээ батага кеттим эле келсем кызым үйдө жок экен издебеген жерим калбады. Жок болуп жатат. Жалган айтпа. Бизден жашырып койду. Үйүн тинткиле. Силер айылды карагыла. Айыл башкаруучусун чакыргыла деди арабада отургандардын бири. Көп узабай башкаруучу келди. Айыл башкаруучуга буйрук берди. Атчан жигиттерден жогору жакка да, суу ылдыйда куугунчу жибергиле тезирээк. Назирдин атасында, Аккыздын апасында камап коюшту. Назир менен Аккыз куугунчулардын кубалап келе жатканын билбей эле келе жатышкан эле. Бир маалда токто! токто! Деген кыйкырыктар жакындан чыкты. Назир эми эмне кылабыз деп, Аккыз Назирди бекем кучактап кысып, ыйлап жиберди. Аккыз сен тирүү кал. Мен сууга салып, аркы өйүзгө өтүүгө аракет кылайын. Ат экөөбүздү көтөрүп сүзө албайт. Сен камыштын арасына жашын кутулуп кетерсиң. Өлбөсөм издеп табам. Назир оюнда колго түшсө